

П. П. КОЖЕМЯКО

# БАЙЫРКЫ МАДАНИЯТ ЭСТЕЛИКТЕРИН САКТАЙЛЫ

ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЭСТЕЛИКТЕРИН КОРГООНУН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАЛЫК ЫКТЫЯРДУУ КООМУ

П. Н. КОЖЕМЯКО

# БАЙЫРКЫ МАДАНИЯТ ЭСТЕЛИКТЕРИН САКТАЙЛЫ

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ—1969

## МАЗМУНУ

Байыркы эстеликтердин мааниси . . . . . . . . . 3
Материалдык маданияттын эстеликтерин коргоо жана изилдеп үйрөнүү . . . . . . . . . . 6
Кыргызстандагы археологиялык эстеликтердин типтери . 10
Эстеликтин сакталышына коркунуч туулганда жана жаңы эстеликтер табылган кезде эмне кылуу керек? 31
Кыргыз ССРинин негизги археологиялык эстеликтеринин тизмеси . . . . . . . . . . . 41

ПЕТР НИКИТОВИЧ КОЖЕМЯКО

**БЕРЕЧЬ ДРЕВНИЕ ПАМЯТНИКИ КУЛЬТУРЫ**

(на киргизском языке)

Которгон М. Токтосунов, редактор Ч. Жумагулов, художник И. Ф. Бульба, худ. редактор К. Сейталиев, тех. редактор. Д. Глузман, корректор. Ж. Бостекова

Терүүгө 2/XII 1968-ж. берилди. Басууга 30/V 1969-ж. кол. коюлду.
Д—06576. Кагазы типографская № 2, форматы 70×90¹/₃₂, 4,62 физ. басма табак, 5,40 шарттуу басма табак. 7,13 учеттук табак.
Тиражы 5000. Заказ № 11. Баасы 23 т.
Киргизполиграфкомбинат , Главполиграфиздата Мин. культуры Кирг. ССР, г. Фрунзе, Жигулевская, 102.

## БАЙЫРКЫ ЭСТЕЛИКТЕРДИН МААНИСИ

Адам баласынын жашоо тиричилигинен калган эмгек куралдары, курал-жабдыктар, үй эмеректери, дөбө-коргондор, шаарлардын жана кыштактардын урандылары, алепки адамдардын байыр алган орундары, таш жана аска беттериндеги сүрөттөр менен жазуулар, байыркы тоо-кен иштетилген жерлер, калмак таштар, ошондой эле катылып калган кенчтер, монеталар жана башкалар — археологиялык эстеликтер, же байыркы эстеликтер деп аталышат. Аларды жердин астынан да, үстүнөн да жолуктурабыз. Жер астында жаткан эстеликтер бир кыйла арбын, анткени, алардын көбү, ошондой эле айрым буюмдар бир кезде калтырылып, же жоголуп, узак мезгилдер өтүү менен көмүлүп калган.

Тарыхты изилдөө үчүн байыркы замандын эстеликтеринин зор мааниси бар. Муну марксизмдин-ленинизмдин классиктери бир нече ирет баса көрсөтүшкөн. К. Маркс: «Жок болуп кеткен айбандардын түрлөрүнүн сөөк мүчөлөрүн изилдөө үчүн өлгөндөрүнүн сөөк калдыктарынын түзүлүшүнүн кандай зарылдыгы болсо, жок болуп кеткен коомдук формациялардын изилдениши үчүн эмгек каражаттарынын калдыктарынын да ошондой эле зарылдыгы бар... Эмгек каражаттары адамдын жумушчу күчүнүн өлчөгүчү гана болбостон, ошондой эле эмгек жумшалган коомдук мамилелердин көрсөткүчү да болот» — деп жазган. (К. Маркс, «Капитал», т. I, М., 1949, стр. 187).

Байыркы эстеликтердин мааниси алардын кымбат материалдан жасалгандыгынан баалуу эмес, андан илим үчүн алынган маалыматтары менен баалуу болуп эсептелет.

Археологиялык эстеликтер адамзаттын али кат биле элек кезиндеги тарыхын изилдөө үчүн бирден-бир булак болуп эсептелет. Ошолор аркылуу гана эчакы замандагы адамдардын жашоо мүнөзү, кылган кесиби кайра калыбына келтирилет.

Археологиялык эстеликтер бизге жазуусу үзүндүлөнүп, ар

түрдүү жана кээде жетишерлик ишенимсиз түрдө жеткен доорлорду изилдөө үчүн чоң роль ойнойт. Буюм материалдары булар сыяктуу булактарды текшерүүгө, тактоого, кошумчалоого мүмкүндүк берет. Археологиялык эстеликтердин баалуулугу эмгек куралдарынын, турмуш-тиричилик инвентарынын жана башка керектүү кылынуучу буюмдардын, ошондой эле адамзат коомунун турмушунун ар кандай жактарын: чарбанын мүнөзүн, кол өнөр кесибинин абалын, жаратылыш байлыктарын өздөштүрүүнү, рухий байлыктын деңгелин чагылдырууга мүмкүндүк бере турган искусство чыгармаларынын табылгаларынын массалуулугунда.

Эң байыркы жана байыркы доорунун тарыхы Октябрь революциясына чейин дээрлик белгисиз болгон Кыргызстандын өткөндөгүсүн изилдөө үчүн археологиялык эстеликтердин ролу чоң.

Коомдун прогрессивдүү өнүгүшү жөнүндө марксисттик окууга негизделип, материалдык өндүрүш күчтөрүнүн өсүшү менен аныкталып турган советтик тарыхый илимдин сиңирген эмгеги зор материал топтоп, ал буржуазиялык реакциячыл концепцияларга адамзат коомунун тарыхынын чыныгы илимий-марксисттик концепциясын карама-каршы койгондугунда. Таанып-билүүнүн эң алгачкы булактарын калыбына келтирүү үчүн зарыл болгон кеңири археологиялык иштерди жолго койбой туруп, байыркы кылымдын, бир кыйла даражада орто кылымдын тарыхынын проблемасын чечүүгө мүмкүн эместиги ар кандай буржуазиялык бурмалоочуларга каршы күрөштүн жүрүшүндө аныкталып отурат.

Октябрь революциясынан кийин эле башталып, кийинки убактарда бир кыйла кулач жайган археологиялык казуулар Кыргызстандын коомдук-саясий жана маданий тарыхынын бир катар маселелерин түп тамырынан бери кайра кароого мүмкүндүк берди. Ушинтип, материалдык маданияттын эстеликтерин изилдөө Кыргызстандын эң байыркы тарыхын чагыл-

дырган материалдарды советтик изилдөөчүлөрдүн колуна тийгизди. Азыркы кезде республиканын территориясында адам палеолит доорунан бери жашап келгендиги толугу менен аныкталып отурат. Кыргызстандын дыйканчылык областтарында биздин доорго чейинки биринчи миң жылдын орто ченинен, биздин замандын биринчи миң жылынын орто ченине чейин кул ээлөөчүлүк мамилелер өкүм сүргөндүгү далилденип отурат. Мына ушинтип, Кыргызстандын территориясында капиталисттик формацияга чейинки бардык формациялар болуп келгендиги советтик тарыхый илимге белгилүү болду.

Өзүнүн маданиятын башка эл менен катнашта жана өз ара байланышта түзүп, анын жетишкендиктерин башка өлкөлөргө, элдерге көп берген кыргыз элинин ата-бабаларынын маданиятынын өтө байыркылыгы, жогорку деңгелде болушу жана өзүнчөлүгү буюм эстеликтерин изилдөөнүн негизинде аныкталып отурат. Кыргыз элинин этногенез маселелерин чечүүдө да археологиялык изилдөөлөргө башкы роль таандык. Кишилер көмүлгөн дөбөлөрдү, көрүстөндөрдү кеңири казуу жана алардагы сөөк материалдарынын табылышы элдердин келип чыгышынын тарыхый процессин байкоого жардамын тийгизет.

Ар бир элдин маданияты ал элдин ата-бабаларынын кылымдар жана миңдеген жылдар бою жараткан көп кырдуу иш-аракетинин натыйжасы болуп саналат. Азыркы коом үчүн маданий мурастардын ролу чоң.

Бүткүл адамзаттын өнүгүшү түзгөн маданиятты терең изилдөөнүн негизинде гана жаңы маданиятты курууга боло турганын В. И. Ленин бир канча жолу баса көрсөткөн. Адамдын өз өткөндөгүсүнө болгон табигый кызыгуусу патриотизмдин сезимдерин жана азыркы маданият менен өткөндөгүнүн терең байланыштуулугунун жана бири-биринин улантылышы экенин сезүүнү билдиргендик болуп саналат.

Байыркы маданиятты жаратуучулар жөнүндө эскерүү — азыркы замандын кишилеринин түздөн-түз милдети. Архео-

логиялык эстеликтер биздин ата-бабаларыбыздын өмүр-турмушунун тилсиз ачык-айкын күбөлөрү, андыктан аларды коргошубуз зарыл. Буга жалаң гана мамлекеттик органдар эмес, биздин өлкөбүздүн бардык эмгекчилери катышууга тийиш.

## МАТЕРИАЛДЫК МАДАНИЯТТЫН ЭСТЕЛИКТЕРИН КОРГОО ЖАНА ИЗИЛДЕП ҮЙРӨНҮҮ

Биздин советтик өлкөдө байыркы эстеликтер чыныгы бааланып, изилденип жатат. Падышалык Россияда үстөмдүк кылуучу таптар муну каалашкан эмес жана өзүнүн таптык теги боюнча муну иштеше да алмак эмес эле. Жерге жана андагы болгондордун бардыгына жеке менчик укугун берген падышалык Россиянын закону аларды чексиз жырткычтык менен талоонго алууга, жакырлантууга чоң мейкиндик ачкан болучу.

Революцияга чейинки Россияда жашаган элдердин байыркы маданиятын изилдөөнү көпчүлүк убактарда бириндеген майда илимий коомдор менен жалгыз-жарым энтузиаст-краеведдер жүргүзүшкөн, алардын акча каражаты көбүнчө ыктыярдуу курмандыктардан турган.

Октябрь революциясынын алгачкы күндөрүнөн эле баштап, өткөндөгү тарыхты жана маданиятты изилдөө, үйрөнүү үчүн ошондой эле эмгекчилерде патриоттук сүйүү сезимин жана Родина үчүн сыймыктанууну тарбиялоо үчүн археологиялык эстеликтердин ролун туура баалап, Совет өкмөтү аларды коргоо жана изилдөөгө зор көңүл бурду.

1918-жылдын апрелинде эле В. И. Ленин кол койгон декрет басылып чыккан, ал декрет боюнча материалдык маданияттын бардык эстеликтери мамлекеттик кол тийбес менчик катарында жарыяланып, закондун коргоосуна алынган, ал эми 1919-жылы граждандык согуштун жана чет элдик согуштук интервенциясынын күчөп турган кезинде В. И. Ленин кол коюп, мате-

риалдык маданияттын Мамлекеттик Академиясы (азыр СССР Илимдер Академиясынын археология институту) түзүлгөн. Андан кийинки жылдары маданияттын кымбат баалуу эстеликтерин коргоо жана изилдөө максатында союздук жана республикалык өкмөттөрдүн бир катар токтомдору жарыяланды.

Көп тарыхый эстеликтер, баалуу нерселер фашисттер тарабынан зыянга учурап, же жок кылынгандыгына байланыштуу Улуу Ата мекендик согуштан кийин Совет өкмөтү аларды калыбына келтирүүгө жана коргоого кайрадан чара колдонду. СССР Министрлер Совети Маданият эстеликтерин коргоону жакшыртуунун чаралары жөнүндө токтом кабыл алды. Анын негизинде Кыргыз ССРинин Министрлер Совети да токтом чыгарды, ал токтом боюнча Кыргыз ССРинин территориясындагы маданияттын илимий, тарыхый жана көркөмдүк мааниси бар бардык эстеликтери калктын кол тийбес мүлкү катары жарыяланып, мамлекеттин коргоосуна алынды. Аларды коргоо эмгекчилер депутаттарынын областтык, райондук селолук советтеринин аткаруу комитеттерине жүктөлдү, ал эми жетекчилик жана коргоого контролдук кылуу иши Кыргыз ССРинин Маданият министерствосуна тапшырылды.

Кишилер көмүлгөн дөбөлөрдү, эл жашаган кыштактардын калдыктарын жана башкаларды өз эркинче кандайдыр бир зыянга учуратууга, жок кылууга тыюу салынат. Бузууга тиешелүү болгон байыркынын калдыктары болсо, андайлар казылганга чейин ал жерди пайдаланчу уюмдардын эсебинен адистер аркылуу изилденип, андагы бардык табылган буюмдар жергиликтүү музейлерге берилиши керек. Казуу иштерин жүргүзүүгө СССР илимдер Академиясынын, же Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын ал үчүн атайын руксаты «ачык барактары» берилип, аны республиканын Маданият министерствосунда каттаткан адис-археологдорго гана руксат берилет.

Республиканын Министрлер Совети Кыргыз ССРинин айма-

гында болгон эстеликтерди коргоону жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө дагы бир токтом кабыл алып ал токтом эстеликтерди коргоону жакшыртуута гана эмес, аларды эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоо максатында пайдалануунун кеңири мүмкүндүгүн түзүүгө жана аларды советтик жана чет элдик туристтерге көрсөтүү үчүн багыт алдырган.

Кыргыз элинин бүткүл маданий мурасын сактоонун, изилдөөнүн жана тарбиялоо иштери үчүн пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү 1966-жылы «Тарых жана маданият эстеликтерин коргоонун кыргыз республикалык ыктыярдуу коому түзүлгөндөн кийин бир кыйла кеңейди. Коомдун уюштурулушу тарыхый архитектуралык-көркөм, археологиялык, мемориалдык эстеликтерди, ошондой эле эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялай турган революциячыл даңктын эстеликтерин бардык тараптан пайдалануу ишинде партия менен өкмөттүн чараларына активдүү көмөк көрсөтүү үчүн, анын катарына эмгекчилердин кеңири массасын тартуу үчүн арналган.

Кыргыз элинин тарыхындагы көрүнүктүү окуяларга байланышкан тарыхый жана маданий эстеликтерди, эстелик орундарын коргоо, табуу, көрктөндүрүү жана кайра калыбына келтирүү, илимий жактан изилдөө, ошондой эле кеңири пропагандалоо боюнча көп кырдуу ишинде коомдук укугу жана милдеттери өтө кеңири.

Коомдун съезди — анын жетекчи органы болуп саналат. Съезддин аралыгындагы ишти съездде шайланган Борбордук Комитет жана анын Президиуму башкарат. Коомдун областтык, шаардык жана райондук бөлүмдөрүнө бул бөлүмдөрдүн конференцияда шайланган советтери жетекчилик кылышат. Коомдогу негизги иштерди ишканаларда, мекемелерде, колхоздордо, совхоздордо, жогорку жана орто окуу жайларында, үй башкармаларынын алдында түзүлгөн баштапкы уюмдар жүргүзүшөт.

Коомго биздин республикабыздын ар бир гражданини мүчө боло алышат.

Байыркы нерселерди экспедицияларды уюштуруу жолу менен изилдөө үчүн Советтер Союзунда бардык шарт түзүлдү. Жаңы илим-изилдөө институттары, музейлер түзүлүп жатат. Эзелки эстеликтерди коргоо боюнча кеңири чаралар иш жүзүнө ашырылып жаткандыгына карабастан, алардын кайсы бирлери ар түрдүү себептер менен бара-бара талкаланып, археологдор аларды көп убакта изилдей албай калышат. Жаратылыштын кыйраткыч кубулуштарынан (жаан-чачын, жазгы кирген суулар, шамал) эл чарбасынын керегине байланышкан жоготуулардан (талааны тегиздөө, айдоо, жол, канал салуу, ар түрдүү курулуш иштери) тышкары ал эстеликтер жөн эле бир нерсе билгиси келгендердин колунан да жок кылынып жатат. Жөн эле билгиси келип, кызыгып казуучулар биздин турмушубузда аз болгону менен, көп зыян келтирүүдө. Мындай учурда тарыхый булактар кайтып келгис болуп, илим орду толгус зыянга учурайт.

Кээде мугалимдер мектепте өтүлүп жаткан тарыхтын курсуна иллюстративдүү материал топтоо үчүн кишилер көмүлгөн дөбөлөрдү, же мурда эл жашаган жерлерди, же катмарларды ачып көрүшөт, ал болсо, алардын илим үчүн толук жок болушуна алып келет. Мындай кылганда казуулар туура регистрация кылынбайт, ал эми табылган буюмдар илимий изилдөөгө жетпей калат.

Азыркы кезде казуу иштери кеңири кулач жаюуда. Алардын натыйжалары Кыргыз ССРнын байыркы жана орто кылымдагы тарыхын изилдөө үчүн барган сайын зор мааниге ээ боло берүүдө. Ошондуктан эстеликтерди илим үчүн сактоого ого бетер жоопкерчилик менен мамиле кылуу керек, колхоздор менен совхоздордун жерлерин айдоо аянты үчүн түзөтүү, жаңы сугат массивдерин түзүү менен көлөмү боюнча зор иштер жүргүзүлүп жаткан кезде ал ого бетер зарыл болуп олтурат.

Анткени, жердин үстүндө билинбей жатып, иштин жүрүшүндө гана көрүнүп кала турган эстеликтер кыйрайт эмеспи. Мындай кырдаалда илимий изилдөө мекемелеринин кызматкерлери дайыма эле жакын арада боло алышпай калат. Ошондуктан коргоо жана изилдөө ишинде калктын кеңири катмары: окуучулар, мугалимдер өздөрү жашашкан райондун жерлерин жакшы билишкен айыл чарба кызматкерлери эстеликтердин сакталышына коркунуч болуп тургандыгын жаңы эстеликтердин табылышы жөнүндө кабарлап, советтик илимге жардам кылууну каалаган бардык адамдар — өтө көп нерселерге жардам берген боло алышат.

Тилекке каршы, эмгекчилер депутаттарынын жергиликтүү советтеринин аткаруу комитеттери археологиялык эстеликтерди коргоону камсыз кылуу боюнча жетишерлик кам корүшпөй жатышкандыктарын канткен менен да моюнга албай коюуга болбойт. Алардын сакталышы үчүн Маданият министерствосу тарабынан жетекчилик жана контролдук канааттандырарлык түрдө ишке ашырылбай келатат. Буга мындай мисалды келтирелик. Талас шаарына жакын жердеги, Фрунзе шаарынын батыш жагындагы, Калининское селосундагы, Красноречинск поселогундагы жана башка бир катар жерлердеги орто кылымдын шаарларынын калдыктары чарбачылык керектөөлөр үчүн аёосуз кыйратылып жатат.

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРДИН ТИПТЕРИ

Түркүн-түрлүү археологиялык эстеликтерди окуучу божомолдой алышы үчүн алардын Кыргызстанда бир кыйла кеңири таркаган типтерин, жаралган мезгилин аныктап, кыскача мүнөздөмөсүн келтирип көрөлү.

Кыргызстандын археологиялык эстеликтери өз аттары бар ар кандай уруулар жана уруулук бирикмелер тарабынан кал-

тырылган, биз аларды жазма маалыматтардан, же уламыштар, легендалар боюнча аныктайбыз. Бардык уруулар татаал тарыхый процессте анын ар түрдүү этаптарына катышышкан жана алар кыргыз элинин ата-бабаларынан болуп эсептелишет. Кыргыздын эл болуп баш кошушу көп кылымдарды башынан кечирген. Бир уруунун экинчи урууга болгон көп кырдуу таасирлери, бардык экономикалык жана маданий жактарындагы бара-бара жакындашуулары, расалык катнаштагы аргындашуулар XIV—XV кылымдарда бир этникалык ат менен кыргыз деп аталып калган биримдик элдин пайда болушуна алып келди.

Эң байыркы археологиялык эстеликтер негизги эмгек куралдарынын эмнеден жасалгандыгына жараша таш дооруна жана коло доорлоруна тиешелүү болот.

Т а ш д о о р у — адамдын айбандар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгып, биринчи металлдын пайда болушуна чейинки адамзат тарыхынын узак учуру. Бул учур эки мезгилге: байыркы таш доорунун мезгилине жана жаңы таш доорунун мезгилине бөлүнөт. Биринчиси биздин эрага чейинки 12—10— миң жылдыктан мурда бүтөт, экинчиси чамалап алганда биздин эрага чейинки 3 — миң жылдыктан мурда бүтөт.

Таш доору өндүрүш күчтөрүнүн төмөнкү деңгелде болушу, адамдын жаратылышка толук көз карандылыгы менен мүнөздүү болгон. Бул жөнүндө Ленин:

«Адепки коомдун эли өздөрүнө зарыл болгон нерселерди табияттын тегин берген сыйлыгы катарында алып отурду деп айтуу,— бул келесоолук сөз... Бизде мурунку замандарда эч кандай алтын кылым болгон эмес, адепки коомдогу эл болсо тиричилик кылуунун кыйынчылыгынан, табият менен күрөшүүнүн кыйынчылыгынан бүтүндөй басылып, жанчылып келген». (В. И. Ленин, Чыгармалары, 5-том, кыргызча биринчи басылышы, 109—110-беттер).

Коомдук жашоонун формасы — алгачкы адамдардын топ-

топ болуп жүрүшү жана материалдык уруулук община (матриархат) болгон.

Таш доорундагы адамдардын куралы көбүнчө оттук таштардан жана сынып түшкөн катуу тектерден даярдалган. Жыгач куралдардын болушу да толук мүмкүн эле, бирок, алар бизге келип жеткен жок.

Таш куралдарынын ичинен бизге майда жаныбарларга аңчылык кылуу үчүн жырткыч айбандардан сактаныш үчүн жыгач таяктарды жасаганда керектөө үчүн бадам формасында колдон жасалган оор жарактар — чапкычтар, жирөө, союу үчүн жарай турган учтары курч куралдар, өлтүрүлгөн жаныбардын терисин кырып, ийге келтире турган кыргычтар жана башкалар белгилүү, кийинчерээк жылмаланган жана көзөлгөн таш куралдары пайда болгон.

Адамды аба ырайынын каарынан, жырткыч айбандардын кол салуусунан сактоого үңкүрлөр, жөнөкөй бастырмалар кызмат кылган, кийин адам алачык жасап алууга үйрөнгөн.

Кыргызстанда таш доорунун эстеликтери али анча белгилүү эмес, муну болсо, археологиялык жагынан жетиштүү изилденбегендиги менен түшүндүрүүгө болот. Ошондуктан алгачкы адамдардын турушкан орундарынын болушу бир кыйла мүмкүн боло турган үңкүрлөрдүн, кобулдардын, аска жапсарларынын табылгандыгы жөнүндө жергиликтүү адамдардын кабарлашынын мааниси өтө зор.

Азыркы кезде республиканын аймагынын бир катар пункттарынан таш кылымынын куралдары табылып отурат. Алардын ичинен байыркылуулугу 300 миң жыл болуп аныкталгандары (Нарын районундагы Он-Арча суу өзөнүнүн боюнда) бар. Деңиз деңгелинен 3 миң метр бийиктикке жайгашкан Сары-Жаз өзөнүнүн жанындагы Ак-Чуңкур үңкүрүнүн маданий катмарлары, боорундагы айбандардын сүрөттөрү изилденди; Кара-Суу өзөнүнүн (Ош областы) Нарын дарыясына куйган жериндеги жапсарда да маданий катмарлар бар. Байыркы адамдар

оттук таш алышып, курал жасашкан жер (Капчыгай булуңу, Ош областы) табылды. Мындан тышкары Ысык-Көл өрөөнүндөгү Рыбачьеге жакын жерден жана Тамга курортунун жанынан, Токмок шаарына жакын жерден жана Чүй районундагы Ленин селосунун жанынан жана бир катар башка пункттардан алгачкы адамдардын жашап өткөн жерлери катталды. Бул таш доорун изилдөөнүн башталышы Кыргызстандагы доордук эстеликтердин тизмелерин ого бетер көбөйтөт деп ишенүүгө болот.

**Коло доору.** Болжол менен алганда биздин эрага чейинки мезгилден 3 миң жыл мурда Кыргызстандын калкы коло (жез менен калайдын кошулган эритмеси) эритүүнү жана андан курал жасоону үйрөнүшкөн. Чамалап алганда ошол эле мезгилде бардык жерде дээрлик көбүнчө мал багуучу жана дыйканчылык менен күн көрүүчү уруулардын бөлүнүп чыгышы башталат.

Кыргызстандагы калктын көпчүлүк бөлүгү ошол кезде мал багып күн көрүшкөн. Адамдар анчалык көп эмес саан малы менен көчүп-конуп, кичинекей коллективдерге биригишкен, алардын бир орунда аз, же көп туруп калуу мүмкүндүктөрү ошого жараша болгон, мал багууга өтүү эркектер менен аялдардын коомдогу абалын өзгөрткөн. Бул убакта өндүрүштөгү башкы ролду мал баккан эркектердин эмгеги ойноп, патриархалдык общинанын (патриархат) пайда болушу эркектердин ролунун күчөшүнө алып келген.

Мал багуучу калктын эстеликтери доордун кийинки мезгилдери (биздин эрага чейинки 2 миңинчи жылдардан тартып) үчүн гана белгилүү. Алар мурда эл жашаган жерлер, кишилер коюлган көрүстөн дөбөлөрү, аскалардын боорундагы сүрөттөр, ошону менен катар катылган кенч, же жекече буюм катары кокустан табылган табылгалар. Суу менен шамалдын узак убакыттар бою таасир этишинин натыйжасында коло доорунун эл жашаган жерлери азыркы кезде шилендилер менен жабылып, сырткы белгилери да калбады, алар жер казуу иштеринде

эмгек куралы, коломтонун орду, тамак-аштын калдыктары, негизги жашоо жайы болуп эсептелген кепелердин, чарбалык чуңкурлардын калдыгы, кумура идиштеринин сыныктары катары табылышы мүмкүн. Буга окшогон табылгалар маданий калдык деп, ал эми байыркы адамдар жашап турган жерлердин катмары—маданий катмар деп аталат. Мал багуучулардын турган жери Чоң Чүй каналын куруп жатканда Калинин районунун Кайыңды жана Жайылма кыштактарына жакын жерден табылган.

Кыргызстандагы байыркы эл жашаган жерлерде кол менен жабыштырып одоно жасалган карапа буюмдары баарынан көп, бирок, алар түрдүү орнамент менен, бутактантып, таңдайлантып оюп-чиймелеп жасалган. Жакшы ийленип, бир кыйла өркүндөтүлүп жасалган карапа идиштер да бар, алардын сырты жакшылап жылмаланып, жалтыратылып, кээде өтө так жана геометриялык татаал сүрөттөр менен кооздолгон.

Колодон жасалган куралдардын ар кандай түрлөрү: уруп жаргыч балталар, кельттер, сабы өзүнчө, ошондой эле жалпак түз формадагы бычак түрүндөгү учунда найзага бекитиле турган мойну бар ийри ороктор, тумтугуй балталар, шибегелер, кайрымактар жана башкалар белгилүү. Дароо эки балтаны куюп ала турган таш калыптын болушу кызык табылга. Бул болсо буюмдун колодон ошол ордунда куюлуп алынганын далилдеп турат. Коло доорунда таш куралдар да колдонулуп келген. Бирок, аларды даярдап алуунун техникасы бир кыйла өркүндөтүлгөн—алардын бардыгы жылмаланган таштан, көбүнчө сокбилектердин, кетменсымал куралдардын, дан жанчкычтардын жана башкалардын көзөнөктөрү болгон. Коло доорунда көргө коюунун бир нече түрлөрү болгон:

1) узун-туурасы төрт метрден келген аянтка жартысына чейин жерге батырылган кичирээк таштардан кырдап, түндүктөн түштүккө карай кеткен сызык боюнча экиге тең бөлүп койгон тосмолор коюлган;

2) жогоркудай эле коюлуп, бирок таштар төгүлгөн;

3) таштар эки сыйра айлантыла коюлган;

4) азырак таш кошулуп, жартылата топурак төгүлгөн дөмпөгөй көрүстөндөр да болгон. Мындай көрүстөн дөбөлөрүнөн табылган буюмдар: тамак-аш куюлуп коюлган карапа идиштер, жезден, күмүштөн, сурьмадан жасалган кооз жасалгалар, колодон жасалган майда буюмдар, куралдар ж. б.

Мал багып күн өткөргөн калктын көмүлгөн жерлери Ат-Башы районунун бийик тоолуу Арпа өрөөнүнөн, Кетмен-Төбө ойдуңунан, Талас өрөөнүндөгү Жал-Арыктан, Чүй өрөөнүнүн Таш-Төбө деген жеринен изилденген.

Отурукташкан уруулар сугат жерлерин иштетишип келишкен. Алар бакса дубал менен бекемделип коюлган тамдарда жашап турушкан. Алар жашаган кыштактар азыр кичине дөбөлөр түрүндө болуп турат. Эстеликтердин ал тобунан табылгандар негизинен карападан, металлдан жасалган эмгектин куралдарынан, кээде таштан жасалган буюмдардан, өзгөчө орок сымал таш бычактардан жана башкалардан турат.

Өзгөн шаарына жакын жердеги дөбөлөрдүн бирин казганда дыйканчылыктын анча чоң эмес общинасынын турган жери табылып, адам жашаган 24 там, чарба жана короо жайлары табылган.

Кыргызстандын көп жерлеринен (Ысык-Көл ойдуңундагы Ак-Өлөңдөн, Ош областынын Саймалуу-Ташынан жана башка жерлерден) аскага чийилген сүрөттөр табылды. Алар ташка так түшүрүлүп, же чегилип жасалган. Аларга айрым малдын, адамдын сүрөттөрү түшүрүлүп, аңчылык, кош айдоо көрүнүшү жана башкалар чагылдырылган.

Болжоп алганда биздин эрага чейинки VIII—XII кылымдарда колодон темирге өтүү доору башталат. Кологого караганда темирдин теңдешсиз мыкты физикалык сапаты эмгектин бир кыйла өркүндөтүлгөн көп кырдуу куралдарын жасоого мүм-

күндүк берди. Темирдин жаратылыштын бардык жеринде болушу алардын көп табылышына мүмкүндүк түзгөн.

Темир куралдардын колдонулушу азык түлүктүн ашыкча топтолушун пайда кылгыдай эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттырды, ал азык түлүктү бөлүштүрүүнүн бир кылка болбоосу мүлктүк теңсиздикке, андан кийин таптык катмардын чыгышына алып келди. Орто Азиянын отурукташкан тилкесинде алгачкы кул ээлөөчүлүктүн мамлекети пайда болду. Түштүк Кыргызстандын дыйканчылык райондору жазма эстеликтер боюнча белгилүү эки мамлекеттин — Давань (биздин эрага чейинки III—II кылымдарда) жана Кушан (биздин эрага чейинки I кылымда, биздин эранын IV кылымында) мамлекеттеринин составына киришет.

Көбүнчө Түндүк Кыргызстанда жашашып мал багышкан уруулар чарбанын жаңы жолуна—көчмөн мал чарбачылыгына өтүшөт. Буларда алгачкы мамлекеттик түзүлүш—уруулук союздар пайда болот. Биздин эрага чейинки VII—IV кылымдардын мезгилинде Жети-Суунун аймагында сак уруулар союзу доор сүргөн. Ал Кыргызстандын, Түштүк Казакстандын аймагын, Өзбекстандын бир бөлүгүн ээлеген. Көчмөндөрдөгү сыяктуу эле дыйканчылык менен күн көргөн калкта да тапка бөлүнүүнүн алгачкы формасы кулчулук болгон. Бирок, көчмөндөрдө кулчулук өндүрүштүн негизги жолу болуп кала албаган. Аларда уруулук түзүлүштүн бузулуш процессинде феодалдык мамлекеттер пайда болот.

Сак урууларынын союзунун мезгилиндеги дөбө көрүстөндөрү жана айрым буюмдар Ысык-Көлдөн, Тянь-Шандан, Чүй менен Талас өрөөндөрүнөн, Ош областынан табылды.

Сактардын көрүстөндөрү казылган чуңкурдун үстүнө таш, же топурак төгүлгөн анча чоң эмес үймөк (дөбө) түрүндө болуп, ал чуңкурга өлүк коюлган. Көрүстөндөн табылган буюмдар втулкасына каскак коюлган жебенин кичине учтарынан, эки жагы миздүү канжарлардан, бычактардан, анча чоң эмес

туткалуу түбү тегерек карапа идиштен, же түбү тегерек оозу ачык карапа идиштен турган. Сактардын диний ырым-жырымдарга байланышкан буюмдарынын чоң тобу Ысык-Көлдүн Семеновка селосуна жакын жердеги Кырчын капчыгайынан эки казан, эки канжа табылган. Чүй өрөөнүнөн сыйына турган кичине таш стол да табылды. Ушул эле мезгилге сактардын металл ишинин өнүгүш даражасын айкындай турган арстандын сүрөтү салынган каңылтыр темирди көрсөтүүгө болот. Биздин эрага чейинки III кылым ченде тарыхый кабарлардан сактардын аты Жети-Суудан, же Кыргызстандан жоголо баштап, биздин эранын IV кылымына чейин жашаган усунь деп аталган уруулар союзу пайда болот. Усундардын Чи-Гу деп аталган кол башчыларынын ставкасы (борбору) Ысык-Көлдүн түштүкчыгыш жакасынан орун алган. Усундар сактар сыяктуу эле негизинен көчмөн болуу менен, жылкы, кой жана башка малдарды асырашкан, бирок, ал кезде усундардын дыйканчылык менен күн көрүшүн айкындай ала турган отурукташкан кыштактары да болгон.

Усундардын материалдык маданиятынын сактардыкы менен окшоштугу бар. Бирок, болуп өткөн өзгөрүүлөрү да айкын көрүнүп турат. Табылган карапа идиштеринин түбү тегерек, кайсы бирлеринин ички бетинде кездеме тактары түшкөн. Сактардын колодон жасагандарынын ордуна темирден жасалган бычактар, үч кырлуу жебелердин учтары ар кандай жасалгалар көп кездешет.

Усундардын убагында өлүктү көргө коюу да башкача болуп калат. Биздин мезгилибизге чейин жете келген көп-көп көрүстөндөр усундардагы мүлктүк теңсиздикти өтө ачык көрсөтөт, муну жазма маалыматтардын өзүлөрү бекемдеп отурат. Мисалы, бир жазма маалыматта мындайча билдирилет «алардын карамагында жылкы көп, байларынын 4000ден 5000ге чейин жылкысы болот».

Көрүстөндүн курулушу жана кошо көмүлүүчү буюмдары-

нын саны боюнча усундардын дөбөсү кескин түрдө айрымаланып турат. Усунь мезгилинин демейки көрүстөндөрү бийиктиги 6—8 метрге чейин жеткирилип, топурак төгүлгөн чоң дөбөлөрдөн турат. Уруу башчысынын көрүстөнүнө улай түндүктөн түштүккө карай узата коюлуп, алардын айланасынан катардагы көчмөндөрдүн кичине мүрзөлөрү системасыз түрдө орун алышкан.

Кичинекей дөбөлөрдүн үйүлгөн топурагынын бир нече типтери болгон: алар топурак тапталып көмүлүшү; четтерине чоң таштар катар коюлган үймөктөр; таштары көбүрөөк салынган үймөк топурактуу мүрзө; ичине майда шагыл толтурулуп, жалпак таштан айланта коюлган үймөктүү мүрзөлөр болгон. Чоң көрүстөн дөбөлөрүнүн көңдөйлөрүнө кээде эки кат устун, же шыргый салынган, ал эми кичине көрүстөн дөбөлөрүнүн алдында көбүнчө катуу кыртыштын астынан чуңкурлар казылган. Чоң көрүстөн дөбөлөрүндө кошо көмүлгөн инвентарлар өтө көп жана ар түрдүү келип, көбүнчө алардын ичинде кымбат баалуу металл буюмдар табылат.

Кыргыз Ала-Тоосунун тоо кыркаларынан узата орун алган Чүй өрөөнүндөгү «Эфиронос» совхозунда, Калинин селосунан түштүк-чыгыш жагында, Петровка селосунун түштүк тарабында усундардын көрүстөн дөбөлөрү алыстан эле чубалжып көрүнүп жатат. Ушундай эле дөбөлөр Ысык-Көлдүн чыгышыраак жээктеринин бир катар пункттарында, Жумгал өрөөнүндө, Түндүк Кыргызстандын башка көп жерлеринде бар.

Биздин эранын чегинен баштап, Кыргызстанда жер астынан үңкүр казып, өлүк коюу иши кеңири таркаган уруулардын маданияты кеңири тарай баштайт. Алар кээде 500—700 коргондорго чейин жеткен чоң көрүстөндөр болгон. Эреже катары топурак дөбөнүн астында эңкейиш тартып узата кеткен жолдору болгон, ал жолдор өлүк коюлуучу көмкөрө жабылган кенен катакомбага барган. Жер астындагы катакомбалык көрүстөндөр Талас, Чаткал өрөөндөрүндө, Кетмен-Төбө ойдуңунда,

Ош областынын тоо этектеринде, Борбордук Тянь-Шанда белгилүү. Алардын кайсы элге тийешелүүлүгү азырынча аныктала элек.

Мында да биз таптык катмарлануу процессинин андан ары карай тереңдешин чагылдырган көрүстөн курулушунун өлчөмүн жана инвентарларынын составынын кескин айрымалануусу менен кездешебиз.

Жер астын үңкүрлөп көрүстөн казуу маданияты ал убакта бир кыйла өнүккөн. Көрүстөн дөбөлөрүн казган кезде, түрдүү бышырылган карапа идиштер табылат. Буюмдары болсо, жыгачтан (кичинекей столдор, идиштер, корзинкалар) жана сөөктөн жасалган. Металлдан эмгек жана турмуш-тиричилик куралдары, ошондой эле курал-жабдыктар: канжарлар, бычактар, жебенин учтары, найзалар, чокморлор, калкандар жана башкалар даярдалган. Көрк жасалгалары жогорку көркөмдүүлүгү менен айрымаланып, алтын, күмүш буюмдары жана кымбат таштарга кынаштырылып кооз жасалып турган.

Кул ээлөөчүлүк доорундагы дыйканчылык тилкесинин отурукташкан калкы борбордошууга өтүшөт, шаарлар пайда боло баштайт. Ал мезгилдин эстеликтеринин бир бөлүгү патриархалдык атактуу адамдардын жашаган жериндеги анча чоң эмес чеп калдыктарын түзүп турат. Катардагы общиначылардын бекемделбеген турак жайларынын калдыктары да белгилүү, бирок, алар начар сакталгандыктан, сейрек кездешет.

Азыркы кезде ал кездеги турак жайлардан ар кандай көлөмдөгү дөбөлөр калды. Жалпы коргонуу системасына бириккен дөбөлөрдүн комплекси түрүндөгү шаардык типтеги турак жайлардын урандылары катталды. Мындай эстеликтер Ош областынын өрөөндүү бөлүктөрүнүн бардык жерлеринде, пахта талааларында, же кыштакка жакын жерлерде бар, ошондуктан аларды бузуп, жер семирткич үчүн пайдаланышат, аерде эгин бастыруу, же пахта кургатуу үчүн аянт жасашат. Анткени, андай дөбөлөр байыркы адамдардын турак жайлары экенин

баары эле бпле беришпейт. Бышырылган карапа идиштер бир кыйла көп табылат. Алар көбүнчө кооз, арнаменттелген, же лактай болгон өтө нык минералдык сыр менен боёлгон. Идиш-аяктардын бир кыйла үлүшү карападан даярдалган. Колодон, темирден, сөөктөн жасалган бычактар, ороктор, жебе менен найзанын учтары, күзгүлөр жана башка асемдик жасалгалар карапа буюмдарга караганда сейрек кездешет.

Биздин эранын 1-миңинчи жылдарынын орто ченинде Түндүк Кыргызстандын аймагындагы көчмөн чөйрөдө да отурукташкан эл пайда боло баштаган. Алардын бирөө Чүй өрөөнүндөгү Луговое селосунун жанынан табылган. Мындагы турак жайлардын дубалы, асты топурактан болуп, үстү жыгач менен жабылган. Анда жашоочулардын чарбасында бакма мал өстүрүү, дыйканчылык жана жапайы айбандарга аңчылык кылуу кесиби болгон.

Биздин эрага чейинки 1 миң жылдыктын орто чени социалдык—экономикалык эки формациянын—кул ээлөөчүлүк жана феодалдык формациянын чеги болуп саналат. Феодализмдин пайда болушу эстеликтердин мүнөзүнө да таасирин тийгизген.

Отурукташкан жердин структурасы өзгөрөт, феодалдардын чеби-замоктору жана кыштактар менен шаарлары жаңы пландоо негизинде бекемдөө иштери пайда болот.

Отурукташуу Түндүк Кыргызстанда ылдам өнүгө баштайт. VII кылымдын башындагы жазуу булактары (источниктер) Чүй өрөөнүнүн ошол кездеги дыйканчылыгы жогору өнүккөнүн мүнөздөйт.

Феодализмдин алгачкы мезгилиндеги кыштактарды казуу алгачкы феодалдык коомдун турмуш-тиричилигинин көп жактарын мүнөздөөчү өтө зарыл материалдарды берди. Бир нече кабаттан турган феодалдык замоктордун (сепилдердин) пландаштырылышы, курулушу, ошондой эле ал имараттардын архитектуралык кооздуктары айкындалды, алардын ичине шыбак үстүнөн оюп коздоо, дубалын түрдүү боёктор менен сырдоо-

лор дагы башкалар кирет. Катардагы адамдардын турак жайлары өтө эле жөнөкөй болуп, начар сакталгандыктан алар аз изилденип отурат.

Орто кылымдын эл жашаган кыштактарынан буюмдай табылган материалдар өтө ар түрдүү. Чоподон жасалган идиштеринин басымдуу көпчүлүгү жабыштыруу жолу менен бүтүрүлгөн, бирок, станокто (чыгырыкта) жасалгандары да бар. Идиштер сыртына ар түрлүү орнамент жабыштыруу жана ныктап так салуу (эшилме, кыйшык сызыктуу жана геометриялаштырылган орнаменттер) жолу менен жасалган, кай бир учурларда идиштердин сырты кызыл минералдык боёк менен сырдалып, жакшылап сүртүлгөн. Карапа табыттардын—оссуарийлердин (сөөк сактагычтардын) табылгалары аз эмес, ал табыттарга өлгөн адамдын этинен тазаланган сөөктөрү коюлган. Табыттар өзүнүн формасы боюнча отурукташкан элдин тамын, же көчмөн элдин боз үйүн эске түшүрүп турат.

Малга өтө окшоштуруп чоподон жасалган чырактар, алардын капкактары, түпкүчтөрү жана кыштактан табылган башка буюмдар сыйынуунун буюмдары болуп саналат. Адамдардын жана пайгамбарлардын сөлөкөттөрү салынган карапалар өтө көп таркалган.

Азыркы кездеги дыйканчылыктын зонасынан орун алган байыркы отурукташкан калктын эстеликтерин сактоо бөтөнчө көңүл бурууну талап кылат.

Алар көп аянттардагы (кээ жерлерде он миң чарчы километрден ашык) айдоого ыңтайлуу жерлерди кучагына алат. Ал эстеликтер жаткан аймактарда сугат талааларын сугарууну жакшыртуу үчүн пландаштыруу иштери жүргүзүлөт, же болбосо колхоздор менен совхоздордун талаа стандары тургузулат. Ушуга байланыштуу тарыхый зор баалуулугу бар кээ бир байыркы курулуштардын калдыктары кыйратылат. Мындай учурларда жергиликтүү элдин ролу өтө чоң. Ошолор гана эстеликтин кыйрап каларын өз убагында байкап, Тарых жана ма-

даният эстеликтерин коргоо боюнча коомдун жергиликтүү органдарына, жакын жердеги илимий мекемеге, же музейге алдын ала эскертип, алар эстеликтерди бузууну токтотуп, же алардын алынышына көз салышып, аны аныктоо үчүн маалыматтарды алышат.

*Кыргызстандагы орто кылымда отурукташкан* дыйканчылык иши өнүккөн райондор түрк тилинде сүйлөөчү уруулардын курчоосунда болушкан, алардын феодал-атактуу адамдары VI кылымдан баштап түрк каганаты деген ат менен белгилүү мамлекеттик бирикмени түзүшкөн. Батыш түрктөрдүн падышаларынын—кагандарынын борбору—Чүй суусунун жанында Токмок шаарынын районундагы Суяб шаары болгон. Түрк каганатынын убагында Кыргызстандын аймагында жашап турушкан көчмөн уруулардын көргө коюунун ар түрдүү жолдору биздин мезгилибизге чейин жетип отурат. Сырткы көрүнүшү боюнча алар жердин үстүнө азыраак гана чыгып турган төрт бурчтуу, же жондонуп жаткан таш короолор, же таш аралаш топурак үймөктөрдөй.

Көрүстөндөрдүн курулушу жана анын ичиндеги инвентарлар көчмөн бирикмелер калыптанып калган таптык коомдун түзүлүшүнүн күбөсү болуп турат. Ал кездеги дөбөлөрдүн үймөктөрү эки типке бөлүнөт: бири уруунун атактуулары үчүн чоң өлчөмдөгү жекече дөбөлөр; экинчиси көчмөн кедейлер үчүн чоң топтогу майда дөбөлөр.

Кошо көмүлүүчү инвентарлары да өтө ар түрдүү. Алар: кол менен одоно жасалып, бышырылбаган, дээрлик коздолбогон карапа идиштер, курал-жабдыктар (канжарлар кылычтар, жебелер), ат жабдыктары (ээр, үзөңгүлөр, ооздуктар) металл тогоолор, купалар, ар түрдүү кооз жасалгалар, (мончоктор, шакектер, күбөктөр, коло күзгүлөр, жаага кыналуучу сөөктөр, монеталар) дагы башкалар болгон.

Уруу атактууларынын көрүстөн дөбөлөрүнө узундугу кишинин белинен тартып эки адамдын боюна чейин барган таш

сөлөкеттөр (калмак таштар) коюлган. Алардын көпчүлүк бөлүгүнө адамдын тулку бою, кейип мүчөлөрү даана жасалган жана бардык ага тиешелүү буюмдары: куралы (кестик, канжар), асемдөөлөрү (кулагындагы сөйкөсү), кушу же колундагы чөйчөгү түшүрүлгөн бирок, өтө жөнөкөй жасалгандары да аз эмес. Өзүнүн техникасы боюнча сөлөкөттөр бир нече категорияга бөлүнүшөт: 1) таш плитага адамдын контурлары жана майда чүйдөлөрү менен кошо өтө схематикалуу кылып чийилгени, 2) чийин салынган сүрөттүн баш көлөмү менен айкалыштырылып жасалган, 3) бүдөмүк рельефтүү сүрөт; 4) бүтүндөй көлөмдүү фигура.

Сөлөкөттүн ордуна «балбал» деп аталуучу иштетилбеген таштарды койгон коргондор да бар. Илим үчүн жалаң гана өзүнүн алгачкы ордунда турушкан фигуралар кызыктуу болбостон, кандайдыр бир кырдаал боюнча ордунан коиторулгандарынын да мааниси бар.

Түрк урууларынын атактууларынын саясы үстөмдүгүнүн мезгилине өзүнүн мааниси боюнча өтө зор—руникалык жазуу менен жазылган эстеликтер тийешелүү. Мындай жазуулардын жаңы табылышы Кыргызстандын тарыхы менен маданиятын изилдөөнүн чоң салымы болуп саналат. Кыргызстан Орто Азиянын түрк жазуусу белгилүү болгон бирден-бир республикасы болуп эсептелет. Октябрь революциясына чейин эле, андан кийин биздин күндөрдө Талас өрөөнүнөн жазуулары бар ондон ашуун чоң таштар табылды, алар болсо Кыргызстандын башка райондорунан да мындай жазуулардын табылышына үмүттөндүрүп турат.

VIII—XII кылымдарда саясий үстөмдүк түрк уруулары—карлуктардын жана ягмалардын колунда болгон. Ягмалардын чөйрөсүнөн тарыхта караханид деп аталган династия чыгып, ал бүткүл Орто Азияны X—XII кылымдарда башкарып турган. Ал мезгил феодалдык мамилелердин түзүлүшүнүн жана толук бийлигинин убактысы болуп эсептелет.

X—XII кылымдарда республиканын түштүгүндө, Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдүн айланасында орто кылымдын шаарлары маданий-экономикалык борбор катары түзүлө баштайт. Жалаң Чүй өрөөнүндө гана азыр шаарлар менен кыштактардын ондон ашуун урандылары белгилүү болду. Алардын урандыларынын ичинде X—XI кылымдардагы Орто Азиянын борбору Баласагун шаары, ошондой эле феодал уделдеринин биринин борбору Өзгөн шаары болуп эсептелет.

Мындан тышкары республиканын ар түрдүү жерлеринде байыркы көп кыштактар белгилүү болуп отурат. Урандылардын бир азы гана чоң аянтта казууларга тартылды. Алардын көпчүлүгү сырткы маалыматтар, казуудан алынган материалдар боюнча, анча чоң эмес тик казуулар (шурф) боюнча гана изилденди. Ошондуктан кандай баалуу нерселердин ачылбай жатышы, чөгүп калган кыштактардын калдыгын коргоонун кандай зор мааниси бар экендиги түшүнүктүү иш. Кыргызстандын орто кылымдагы тарыхынын көп маселелерин айкындоодо алардын топографиясы, планировкасы, көркко келтирилиши, кол өнөрлөрү, курулуш техникасы, архитектурасы, жакырланган көчмөндөрдүн бир бөлүгүнүн шаарга өтүп кетүү процесси, калктын этникалык составы, маданият маселелери белгилүү даражада коомдук мамилелери кандай болгондугун айкындоодо шаарларды казуунун чечүүчү ролу бар. Кыргызстандын байыркы шаарларына жүргүзүлгөн азыркы кездеги изилдөөлөр деле алар жөнүндө маалыматтардын белгилүү суммасын берип жатышат. Орто кылымдын шаарлары менен кыштактары жалпы кабыл алынган планировка боюнча курулуп турган. Республиканын түштүгүндөгү шаарлар үч элементтен: шаар ээсинин сепилинен (чептен), ар кандай мекемелерден, атактуу адамдар жашашкан шахристандардан, акырында, кол өнөрчүлүк өндүрүшү, соода аянттары, кол өнөрчүлөрдүн, малайлардын жашап туруучу кварталдары топтоштурулган рабаддан (шаар жанын-

дагы соода—кол өнөрчүлүк орундарынан) турган. Шаардын ар бир бөлүгүнүн өзүнүн коргонуу курулушу болгон.

Түндүктө болсо, өзүнө тийешелүү тарыхий шартына жараша шаарлардын бир кыйла башкача топографиялык өзгөчөлүктөрү болгон. Шаардын Шахристанга кирген үчүнчү бөлүгү өзүнүн кененидиги менен айрымаланган. Мындай аянтка жалаң гана кол өнөрчүлөр жайгашышы мүмкүн эмес эле, ал жерлерде айыл чарбасы менен күн көргөндөр да жашашкан.

Шаардагы имараттар бышпаган кыштан жана колектен курулган. Кийинчерээк тамдардын полуна бышырылган кыштар төшөлгөн. Шаар калкынын жогорку катмарлары сепилдердин (замоктордун) ордуна комфортабелдүү жайлуу тамдарды курушат. Байлары үйлөрүнүн дубалынын боорун көрктөөгө шыбактын жана алебастрдын үстүнөн сүрөт тартуу жана оюп коздолорду колдонушкан. Коомдук жана сыйынуу жайлары көбүнчө бышырылган кыштан тургузулган.

Археологиялык экспедициялар тарабынан казылган замоктор, храмдар, адамдар жашоочу үйлөр ошондой эле биздин күнгө келип жеткен орто кылымдык архитектуралык курулуштар архитектуранын, куруу чеберчилигинин жана декоративдүү искусствонун гүлдөшүнүн күбөсү болуп турушат.

Чүй өрөөнүндөгү Токмок шаарына жакын жерде мындан тогуз кылым мурда тургузулган архитектуранын сонун эстелиги «Бурана» мунарасы турат. Бул толук сакталбай калган мечит мунара. Анын бийиктиги 21 м, төмөн жагынын диаметри—9 метр, жогор жагыныкы—6 метр. Бышырылган кыштан жыш коюлуп, кууш буралып чыккан ичинде шатысы бар. Мунаранын сырткы бөлүгү кыш менен коюлуп, анын сыртына чыгарылган бети өзүнчө бир кооз болуп саймаланып турат.

Ошол мезгилде курулган экинчи мунара Өзгөн шаарында турат. Курулуу техникасы деле жогоркунуку сыяктуу. Ал «Бурана» мунарасы сыяктуу эле курулуп, сырткы көрүнүшү гана бир кыйла коозураак.

Өзгөн шаарындагы үч күмбөздөн турган эстеликтер тобу дүйнөгө белгилүү болду. Күмбөздөрдүн бирөө XI кылымда, экөө XII кылымда курулган. Алардын бардыгы курулуш мастерлеринин устаттыгы жөнүндө жарык элес берип турат. Бул күмбөздөр бышырылган кыштан куполдуу кылып чарчы планда курулган имарат. Эгерде бир кыйла мурдараак тургузулган күмбөздөрдүн сыртында ички тарабынын декоративдүү жасалгалары кыштан көрктөп коюлуп, алебастр боюнча оймолонтуп жасалган болсо, берки экөөндө терең оймолонтуп араб тамгасы жана ар түрдүү өсүмдүк жана геометриялык мотивдер жазылган бышырылган беттөөчү плиталар колдонулган. Түштүк тарабындагы күмбөздүн орнаменталдык баалуулугу бөтөнчө, порталы менен кире бериш аркасы оймо-чиймелүү сары-кызыл бышырылган плиталар менен жыш беттелген.

Кээде шаарларды көркко келтирүүдө колдонулган айрым материалдар—таш төшөлгөн жолдор, бышырылган карападан жасалган суу проводдор жана башкалар кездешет.

Ал кезде шаарлардагы кол өнөрчүлүк өнүгүүнүн жогорку даражасына жетет, кол өнөрчүлөрдүн айрым топтору продукциянын айрым түрлөрүн гана даярдашкан. Адистештирүүнүн мындай тардыгы өндүрүштүн техникасы жана буюмдардын өзүнүн сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берген. Кол өнөрчүлүк продукциясынан казып көргөндө бир кыйла бөлүгү карапа өндүрүшүнүн буюмдары болгон. Бардык чопо идиштер станокто жасалып, штамп менен орнаменттелген, көбүнчө жогорку сапатта чиймеленип жасалып, кээсинде жаныбарлардын (кыргоолдордун, бакалардын, аюулардын, адамдардын) сүрөттөрү салынган идиштер жолугат.

Кол өнөрчүлүктүн айрым тармактары too-кен өнөр жайынын продукциясына негизделген. Жазма эстеликтердин (источниктердин) айтымына караганда Кыргызстанда ал өнөр жай жогорку деңгелге жеткен. Too-кен иштетилген оруңдар көп жана бир кыйла жерлерден кездешет. Алар көбүнчө жарым-

жартылай ураган чуңкурлар жана терең аңдар түрүндө жер астында иштетилген жерлерде (штольнялар) бизге белгилүү. Аларга жакын жерден, же ичинен байыркы кенчилердин жөнөкөй куралдары темир кайлоолору, темир, же жыгач шынаалары, барскандары (темирден, таштан жасалган), караңгы забойлор менен штольняларды жарык кылуу үчүн чырактар табылып жатат. Штольнялардын жанынан кайра иштетилген руданын издери (шлактары) эмгек куралдары жана ар кандай руданы майдалоого арналган жаргылчактар, эритүүчү мештер, дагы башка куралдар кездешет. Азыркы кезде жер астындагы штольняларга кире турган жерлери көбүнчө урап түшүп, басылып калган, аларды издеп табуу үчүн жерлерди өтө кылдаттык менен кароо керек. Тоо-кен өндүрүшүнүн издеринин табылышы, ошол жерде пайдалуу кен бар экендигин көрсөтөт, аларды изилдөө байыркы тоо-кен өнөр жайынын абалы жөнүндө баалуу маалыматтары бере алмакчы.

Орто кылымда Кыргызстандагы шаарлар менен кыштактардын гүлдөшү X—XII кылымга тийешелүү. Бирок, бул мезгилде биздин эранын VI—VIII кылымындагыдай эле тоо этегиндеги жана тоолуу жерлерге көбүнчө көчмөн—малчылар орношушкан, алар дөбө коргондорду жана катылган кенчтер түрүндөгү эстеликтерди калтырышкан. Баяндалып жаткан мезгилге дөбөнүн бийиктиги 1,0 м, негизи боюнча диометри 12 м ге жеткен көрүстөндөрдү кошууга болот. Үйүлгөн топурактын астындагы кыртыштын үстүнө адатта бийиктиги 60—70 см ге жеткен жер мүрзө казанагы жасалган, же айрым таш плиталары жана жалпак таштардан плиталар, же бышпаган кыштардан коюлган. Кошо көмүлүүчү инвентарлар көбүнчө карапа идиштер, жасалга калдыктары түрүндө жана курал, жабдыктар болгон.

XI—XII кылымдарда мусулман дини Орто Азиянын көчмөндөрүнүн арасында да өкүм сүрүп калганда, көчмөндөрдү коюу кошо көмүлүүчү буюмдарсыз эле болуп калат.

Кыргызстандын экономикалык облигинин кескин өзгөрүүсү монголдордун багынтып алышы (XIII кылымдын башында) менен байланышкан. Дыйканчылыктын, багванчылыктын чоң шаарлары, көп сандаган кыштактары бар гүлдөгөн өлкө Орто Азиянын башка областтары сыяктанып эле монгол баскынчыларынан аёосуз жабыр тарткан.

Бөтөнчө шаарлар менен кыштактардын калкы азап чегип, алардын бир бөлүгү өлтүрүлүп, кыйласы туткунга түшүп, алынып кеткен.

Жети-Суугa XIII кылымдын орто ченинде келишкен саякатчылар отурукташкан дыйканчылык жерлери толук бүлүнгөнүн, шаарлар менен кыштактардын аңгырап ээн калышканын белгилеп кетишкен. Батыш Европалык саякатчы Рубрук (1253-жылы) Жети-Суу жөнүндө мындай дейт:

«Жогоруда аталган мейкиндикте мурда көп шаарлар бар эле, бирок, ал жерлерде мыкты жайыт болгондуктан, өздөрүнүн малын жайыш үчүн татарлар (монголдор—П. К.) алардын көбүн кыйратышыптыр». Археологиялык изилдөөлөр да мына ошону далилдеп отурат.

Шаарлардын көп урандыларынын катмарларында бүлүнүү менен өрттүн издери гана бар, кай бирлеринен анча чоң эмес калыңдыктагы маданий катмар кездешет, бул монголдордон кийин алардын узак убакыт бул жерде турушпаганын далилдеп турат.

Чыңгызкандын желдеттеринин кыйраткыч кол салуулары деле элдин жашоо күчүн бүлүндүрө алган эмес. Казуу иштерин жүргүзгөн кезде, бир катар шаарларда XIII—XIV кылымдын бир кыйла кубаттуу маданий катмарлары табылып отурат. Архитектуралык эстеликтер да ошону далилдейт. Талас өрөөнүндө, Талас шаарына жакын жерде өзүнүн корктуулугу боюнча таңгаларлык күмбөз турат. Эл ичиндеги уламыштар боюнча ал эпикалык баатыр Манастын ысмы менен байланыштырылат. XI—XII кылымдардагы күмбөздөр сыяктуу эле ал бышырылган

кыштан коюлуп, үстү дөмпөк жасалган чарчы имарат. Алдыңкы бети оймо-чиймелүү кооз жасалгаланган.

Республиканын түштүгүндөгү Ала-Букада Сафид-Буленд селосуна жакын жерде жергиликтүү эл Шах-фазиль деп атай турган күмбөз турат. Үстү дөмпөк кылып жасалган бул күмбөз Манас күмбөзү курулган кылымга тийешелүү, бирок, порталсыз. Башка ушул сыяктуу күмбөздөрдөн бул жердегинин айрымасы жасалгаларынын бардыгы ич жагында болушунда. Бул күмбөздүн шыбагынын сыртында оймо-чийме жазуулары жана көркөм сүрөттөрү көп.

Атбашы районунда сланецтин (тоо тектеринин) иштетилбеген ири плиталарынан акиташ эритмесине аралаштырылып коюлган курулуш бар. Бул монументалдуу курулуш соода жолундагы кербен сарай болуп саналган. Мында ар түрдүү планда үстү дөмпөгөйлөнтүп жабылган 30дан ашуун бөлмө болгон.

Эми кайсы кезде болгону аздыр-көптүр чектелүүгө мүмкүн болбогон эстеликтердин кайсы бир түрлөрүнө өтөлү.

Таштalып калган каналдар, арыктар, ошондой эле азыркы убакта пайдаланылып жаткан байыркы каналдар илгери өткөн замандардагы дыйканчылык маселелерин айкындоо үчүн белгилүү ролду ойнойт. Байыркы ирригациялардын издеринин көпчүлүк бөлүгү айдалбай калып келген өрөөндөрдүн тоо этектериндеги тилкелеринде капчыгайлардын башталышында сакталып калган. Ал жерлерде ирригациялык курулуштардын азыр пайдаланылбай калган нуктарынын көрүнгөндөрү аз эмес, анын качан жасалганы жергиликтүү карыялардын эсинде жок.

Археологиялык материалдардын ичинен бир кыйла кызыгууну туудуруучу бирин-эки кокустан табылган нерселерди да көрсөтө кетүүнүн зарылдыгы бар. Алардын ичинен убактынча сактап, кандайдыр бир себептер менен ээси тарабынан алынбай калган катылган кенч (клад) көп кездешет. Алардын ичине бир нече ондон бир нече миңге чейин жеткен жез, күмүш, алтын монеталар кирет. Катылган мүлктүн эң көбү жез

монеталар. Катылган акчалай кенч соодагы, экономиканы, ошондой эле саясий тарыхтын кээ бир окуяларын изилдеш үчүн өтө зарыл.

Эмгек куралдарынын жана жасалгалардын кенчи алмашуу жана сатуу үчүн *кол өнөрчүлөрдүн* даярдаган продукциясынан, ошондой эле чебер-кол өнөрчүнүн эмгек куралынан, же баалуу буюмдарынан турат. Диний табынуу буюмдарынын катылган мүлктөрү (кенчи) айрым топту түзөт. Катылган кенч— кол өнөрчүлүктү, айыл чарбасын, ювелирдик өндүрүштү, идеологиялык түшүнүктөрдү изилдөөнүн баалуу булагы.

Аска, таш боорлоруна тартылган сүрөттөр, жазуулар кыргыз калкынын ата-бабаларынын байыркы искусствосунун дагы бир түрү катары өтө кызыгууну туудурат. Алар республиканын көп жерлеринен кездешет. Кээде алар ар кандай мезгилдерден калган сүрөттөрдүн бүтүндөй топтолушу болот, бирок, көбүнчө алардын анча көп элес тобу мезгили боюнча анчейин узак эмес убакытка тийешелүү.

Таштарга эң кылдаттык менен, жогорку көркөмдүк деңгелде оюп, көп татаал композицияда жасалган эстеликтер күндөлүк турмушту, тиричиликти жана өндүрүштүн мүнөзүн гана ачып көрсөтпөстөн, ошону менен бирге байыркы адамдардын дүйнөнү сезишин, мифтери менен легендаларын ачып көрсөтөт. Аска-таштардагы сүрөттөр — бул элдин тарихий жолу жөнүндө көркөм образдарда баяндай турган эстеликтер болуп саналат.

Фергана кырка тоолорундагы Саймалуу-Ташта сүрөттөрдүн топтолушу илимий адабияттарда өтө кеңири белгилүү. Ал жерде коло дооруна тийешелүү (биздин эрага чейинки 2—миң жылдыкта), андан кийинчерээк биздин эранын IX—X кылымдарына чейинки сценалар бар.

Ысык-Көлдүн түндүк жээгинин батыш бөлүгүн узата чар жайыт жаткан мазмуну боюнча бай чоң таштардагы көп сандаган сүрөттөрдү көрөбүз.

Фрунзе менен Токмок шаарына жакын жерлерден XIX кылымда эле ачылган несториандык көрүстөндөр монголдук бийлөөчүлөрдүн үстөмдүгүнүн мезгилине тийешелүү. Көрүстөндөрдөн крест чийилип сирия алфавити менен жазылган мүрзө үстүндөгү таштар табылган. XIII кылымдагы монголдук басып алуудан кийинки мезгилге тийешелүү археологиялык материалдар Кыргызстанда бир кыйла начар изилденген, мына ошондуктан аларды мүнөздөп кетүүгө азырынча мүмкүндүк болбой отурат.

## ЭСТЕЛИКТИН САКТАЛЫШЫНА КОРКУНУЧ ТУУЛГАНДА ЖАНА ЖАҢЫ ЭСТЕЛИКТЕР ТАБЫЛГАН КЕЗДЕ ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Жогорку бөлүмдөрдө тарыхый илимдер үчүн археологиялык эстеликтердин мааниси көрсөтүлүп, Кыргыз ССРинде кездешүүчү бир кыйла типтүү эстеликтер жөнүндө кыскача баяндалды.

Азыр болсо мурда белгилүү болуп, корголууда турган эстеликтердин сакталышына коркунуч келип турса, ошондой эле көбүнчө жаңы эстеликтерге кандай кырдаалда кездешип калуунун мүмкүндүгү жана аларды тапканда кандайча чара колдонуу зарылдыгы менен китеп окуучуларды тааныштыруу маселеси калып отурат.

Адамдардын практикалык иш-аракети, жаратылыш көрүнүштөрү, бир нерсени билгиси келип кызыгып бузуулар материалдык маданияттын эстеликтеринин кыйроо себептери экенин мурдаарак айтып өттүк.

Биздин республикабызда эстеликтердин өтө көп экендиги жана алардын алыскы тоолордун бурч-булуңдарында болушу көрсөтүлүп кеткен бузуулар мезгилинде биринчи кезекте жергиликтүү элдин көрүп калышына мүмкүндүк берет. Бүткүл эмгекчилер ыктыярдуу коомго, илимий мекемелерге өздөрүнө ылайыктуу болгон каражаттар менен жардам берип турушса,

байыркы эстеликтерди коргоо ошончолук ийгиликтүү болмок. Эстеликтерди коргоого катышуу өлкөбүздүн бүткүл калкынын коомдук милдети болуп саналышы керек. Анча чоң эмес жер казуу иштери да чуңкур казуу, кудук казып суу чыгаруу ж. б. маданий катмарлардын структурасын бузуп, аларды расшифровкалоону татаалдандырарын ар бир граждании эске алып, мамлекеттин коргоосунда турган байыркы эстеликтерге кол тийгизбес үчүн күрөшүүгө милдеттүү.

Кичинеси болсун, чоңу болсун бардык эстеликтерди сактоо керек, анткени, илим үчүн алардын мааниси бирдей. Кичинекей эле дөбөнүн астынан шаарлар менен кыштактардын катардагы адамдарынын — түздөн-түз өндүрүүчүлөрдүн жашап турушкан жайларынын калдыктары чыгып калышы мүмкүн. Анча байкалбаган дөбө, толук көзго урунбаган таш тосмолор катардагы көчмөндөрдүн коюлган жеринин белгиси болуп саналат. Чоң дөбөлөр көчмөн атактуу адамдардын көмүлгөн жери. Чоң дөбөлөрдүн астында калган бир кездерде эл жашоочу жерлер сепилдердин калдыктары, диний табынуучу жайлар, коомдук курулуштар, же шаардык төбөлдөрдүн тамдары жатат. Мына алардын бардыгы тарыхий өткөндөрдүн ар түрлүү, бирок, бирдей маанидеги маселелерин изилдөө үчүн кызмат кыла алышат.

Көрүстөндөрдүн, шаар урандыларынын бардык бузулуу жана кыйроо учурлары жөнүндө эмгекчилер депутаттарынын жергиликтүү советтерине, ошондой эле Тарых жана маданият эстеликтерин коргоонун коомунун уюмдарынын бирине, же илимий-изилдөө мекемелерине билдирүү ар кимдин кечиктирилгис жана биринчи кезектеги милдети болуп саналат.

Бирөөлөр байыркынын эстелигин тим эле бир нерсе билгиси келип бузган болсо, алардын илимий маанисин, андай аракет кылган адамга совет закону боюнча жоопко тартыларын түшүндүрүү керек.

Мурда эле белгилүү болуп, мамлекеттин коргоосунда тур-

ган дөбөлөрдүн, аска-таштардагы сүрөттөрдүн, же кыштактардын урандыларынын сакталышына көмөк көрсөтүүдөн тышкары жергиликтүү эл жаңы табылгандарын сактоого жана изилдөөгө жардам көрсөтүүлөрү керек. Ал үчүн жаңы археологиялык объектилерди ар түрдүү кырдаалдарда табууга мүмкүн экенин эсте тутуу зарыл. Мисалы, мүмкүн болгон бардык жер казуу иштери кезинде, же ал жумушка байкоо жүргүзгөн учурда айланасындагы тектерден (породалардан) оңой эле айырмаланып турган маданий катмарларды, кошо көмүлүүчү инвентарлардын, турак жайларды, же болбосо кыштак, же корүстөн издери боюнча байкоого болот, ал жерлер топурактын сыртында эч качан билинбейт.

Жер казуу иштери биздин өлкөбүздө өтө көп жүргүзүлөт: жол салынат, каналдар казылат, чоң имараттар үчүн фундаменттер казылат, талааларды тракторлор менен терең айдашат, мындай учурларда байыркы эстеликтердин калдыктары жаткан катмарлар кайрадан терең көмүлүп калат.

Кыргызстандын көп жерлеринин кыртышы бир кыйла жантайма келет, арыктардын кырын суу жеп кетип, аңдар пайда болот. Мындай жуулуп кеткен жерлерден маданий катмарларды, көрүстөн калдыктарын, же айрым буюмдарды табууга болот.

Жамгыр көп жааганданжана жазында кар эригенден кийин кыртышсыз болуп калган жерлерди жана байыркы элдүү пункттардын урандыларынын тике эңкейиш жерлерин карап көргөндө, кээде илимий зор мааниси бар байыркынын буюмдарын кездештирүүгө болот.

Байыркынын табылгалары жөнүндө башка адамдардан маалымат жыйнаган кезде, анын кандай кырдаалда табылганын тактап, табылган жерин кайрадан кошумча түрдө карап чыгуу менен да, бир кыйла кызык нерселерди алууга болот.

Тигил, же бул эстеликти эл чарбасынын таламына ылайык алып таштоо учурларын айрыкча эскерте кетүү керек. Эстелик-

терди коргоо жөнүндөгү закон эстеликти алып таштоого тийешелүү уюмдарды алып таштоо иши баштала электе анын адис тарабынан изилденишин финансалоого милдеттендирет. Тигил, же бул объектини изилдөө жөнүндө илимий-изилдөө мекемелерине өтүнүчтү күн мурдатан, болжоп алганда бир жыл мурда берүү керек, анткени, ар кандай археологиялык иштер белгилүү даярдыкты талап кылат, изилдөөнүн өзү да кыска мөөнөт ичинде жүргүзүлө албайт, анын үстүнө казуу иштери жылуу жана аба ырайы кургак кезинде гана жүргүзүлөт.

Эстеликтин бузулуу, же сакталбоо коркунучу болуп калган бардык учурлары жөнүндө, ошондой эле эстеликтер жаңыдан табылган кезинде төмөнкүлөргө кабарландырылышы керек.

1) Эмгекчилер депутаттарынын жергиликтүү советтерине;

2) Тарых жана маданият эстеликтерин коргоонун ыктыярдуу коомунун жергиликтүү, же райондук уюмдарына;

3) Кыргыз ССРнын тарых жана маданият эстеликтерин коргоонун ыктыярдуу коомунун Борбордук Советине (адреси: Фрунзе шаары, Панфилов көчөсү, 225).

4) Кыргыз ССР илимдер Академиясынын тарых институтуна (адреси: Фрунзе шаары, XXII партсъезд көчөсү, 265а);

5) Кыргыз ССР Маданият Министерствосунун тарыхый музейине (адреси: Фрунзе шаары), Пушкин көчөсү, 78);

6) Край таануу музейлерине (Пржевальск жана Ош шаарларындагы).

Мурда эл жашаган кыштактар, көрүстөндөр, же адамдар жашаган жер жаңыдан табылганда, алар жөнүндө жогоруда турган мекемелерге тез билдирүүгө болот. Эгер алар кандай бир иш процессинде байкалган болсо, иштин улантылышы аларды зыяндатып коёт, же табылганы жок кылып жиберет, андыктан адис-археолог келгиче ал жумушту токтотуп, же жумушту эстеликтерге зыян келтирбегидей кылып жүргүзүү зарыл. Табылган буюмду адис келмейинче жер астынан чыгарып алууга жарабайт. Казып чыгарылган топуракты буюмдун

бөлүгү анда бары, же жогу текшерилмейинче кылдаттык менен карап чыгуу керек. Эгер табылга белгилүү бир кырдаал боюнча алынып коюлган болсо, археолог келмейинче аны этиеттеп сактап, сындырууга, чиймелөөгө, өгөөгө жарабайт. Табылган буюмду кийин бир кыйла толук изилдөөгө мүмкүндүк бериш үчүн алар кандай түрдө табылса, ошол бойдон коюп, баскан даттан, жабышкан топурак бөлүктөрүнөн жана башкалардан тазалабоо керек.

Жаңы табылга жөнүндө илимий-изилдөө мекемелерине, же эстеликтерди коргоо коомунун уюмдарына билдиргенде, анын табылган орду жөнүндө толук билдирүү зарыл, эгер жалгыздан табылса, табылган жерди оңой таба турган бир кыйла таанымал пунктты (кандайдыр бир имаратты, көпүрөнү, жолдун кайчылаш өткөн жерин) көрсөтүү керек. Мындай учурда жок болуп кете турган ориентирлерди көрсөтүүнүн кереги жок. Билдирүүгө эстеликтин табылган ордунун схематикалык планы тиркелсе жаман болбойт. Адис командировкага барганда жолуга турган кишинин көрсөтүлүшү да зарыл иш.

Эгер табылга капысынан табылып, жер казуу жумушу токтотуулуга мүмкүн болбосо, кызматкерлердин бирөө ачылган эстеликтин түзүлүшүнө көз салып, анын түзүлүшүн жана чертёжун, ошондой эле жыйнап алынган буюм материалдарын дааналап жазып, ал материалдарды илимий-изилдөө мекемелерине жиберүү зарыл.

Казып алынып жаткан эстеликке археолог эмес киши көз салып жаткан учурда төмөнкү маалыматтарды топтоо керек.

Буюмдар жалгыздап табылган кезде, ал кандай тереңдикте жатканын топурактын кайсы катмарынан, чоподон, кумдан дагы башкалардан табылгандыгын, буюм табылган жерде башка түстөгү катмардын бары, жогун, анда күл, көмүр, күйгөн топурак, карапа идиштин сыныгы, адамдын, жаныбарлардын сөөктөрү болгон, болбогондугун белгилөө керек.

Көргө коюлган кишинин сөөгү (скелети) табылган кезде

көмүлгөн жеринин сыртында белгилеген нерселер, добо топурагы, коюлган ташы бары, жогуна, көрстөн курулушунун кандай бир калдыктарынын (жабылган жыгачтар, мүрзөнүн казанагын жапкан таш плиталар ж. б.) сакталып калышына, калбоосуна, сөөк кандай терендикте (мисалы, башы батышка, буттары чыгышка карата) коюлушуна, көмүлгөн кишинин кандай жаткырылышына (башы оңго бурулуп, чалкасынан коюлганбы, же буттары бүгүлүп оң капталы менен коюлганбы, колдорунун абалы: көкүрөгүнө кайчылаштырып, же сундурулуп койгонбу); көрүнөн кандай буюмдар табылгандыгына, алар скелеттин кайсы жагынан орун алгандыгына, ар бир буюмдун кандай абалда жатканына (мисалы, мойнундагы ар кандай мончок тизмеги ээгинен 10 см ге ылдый түшүп, же шакеги оң колунда, билериги сол колунда, эки карапа кумура баш сөөгүнөн 30 см аралыкта түштүккө карап жатат), бир топтон кандай буюмдар табылганына (шакектери бир колунда) көз салуу керек. Эгерде ошол көмүлүштө бир нече скелет табылып калса, алардын ар биреөн ар бир скелеттин сөөктөрүн, ошондой эле ар бир скелеттин жанынан табылган буюмдарды бөлүп, алардын баарын тиешелүү жазуулар менен кошо кагазга өзүнчө ороп коюу керек.

Эгер кыштактардын, турак жайлардын маданий катмары жара кесилип калса, анын калыңдыгын, созулуп жатышын, кандай катмарлардан (чопо, коломто, сынган кыш, же бузулган бакса ж. б) тургандыгын көрсөтүү зарыл. Дубалдарынын калдыктарына да көңүл буруу керек. Бардык буюмдата табылгалардын, алар алынган жерлердин көрсөтүлүшү менен алып чыгуу керек.

Үңкүрлөр, таштар менен аскалардын бооруна салынган сүрөттөр, түшүнүксүз шрифтер менен жазылган жазуулар, алардын мазмунунун кыскача баяндалышы (үңкүрдүн чоңдугу, сүрөттөрдөгү топтордун, же сценалардын саны, жазуулардагы

жолдун сабы) жөнүндөгү билдирүүлөр бөтөнчө кызыгууну туудурат.

Археологиялык эстеликтердин табылып жаткан кезиндеги жыйналган маалыматтардан тышкары катылган мүлк табылып калса, табылган буюмдар өз ара кантип болсо да байлаштырылганбы, же бири-бирине салынып коюлганбы, табылган мүлк кандай бир идиште (кумара жана башка) же чүпүрөккө оролуп коюлганбы, ошолорду белгилеп коюу керек.

Жогоруда айтылып кеткендей Кыргызстандын алыскы тоолорунун арасындагы өрөөндөр алиге чейин толугу менен изилдене элек. Биздин республикабызда адамзат тарыхынын бардык доорлору үчүн эстеликтер жетиштүү санда табыла элек. Жаңы эстеликтерди табуу үчүн жерлердин рельефине көз салуунун, көрүстөн дөбөсү болуп калууга мүмкүн боло турган кичине дөбөлөрдү кароонун, байыркы кыштактардын урандысы болуп калуусу мүмкүн боло турган айрым көтөрүңкү жерлерди текшерүүнүн мааниси чоң. Эгер мындай кырдаалдарда эстеликтер табылып калган болсо, аларды кыскача баяндап жазып, аны эстеликтерди коргоо же изилдөө ишин жүргүзүп жаткан мекемелерге жиберүү керек. Баяндап жазуу эстеликтин тиби, анын сырткы көрүнүшү (формасы, өлчөмү, ориентировкасы ж. б.) жөнүндө, эстеликтин сакталышы жөнүндө, аны сыртка чыгарган материал жөнүндө маалыматтарды камтышы керек.

Эстеликтерди коргоо жөнүндөгү жобо тарыхый илим үчүн мааниси болгон материалдык маданияттын эстеликтерин маданий-агратуунун жана край таануу музейлери тарабынан сатып алуунун айрыкча укугун берет. Ошондуктан уюмдар менен айрым адамдар өздөрүнө тиешелүү болгон байыркы буюмдарын сатууну каалашса, Кыргыз ССР маданият министерствосуна, же башка бир музейге сатыш үчүн сунуш кылынышы тийиш.

Байыркы эстеликтерди коргоого жана изилдөөгө көмөк

көрсөтүү максатында биздин Родинабыздын байыркы өткөндөгүсүн изилдөөгө көмөк көрсөтүш үчүн анын адис-тарыхчы, же археолог болушу милдеттүү эмес. Жаңы эстеликтин табылышы, же корголуп турган эстеликтин бузулуу коркунучу жөнүндө аларды коргоо жана изилдөө милдети жүктөлгөн мекемелерге кабарландыргандыктын өзү эле илимге чоң көмөк көрсөткөндүк болот. Биздин республикабызда байыркынын эстеликтерине жогорку аң-сезимдүүлүк менен мамиле кылышкан учурлар аз эмес. Колхозчулардын аң-сезимдүүлүгүнүн натыйжасында Ысык-Көл областынын Семеновка селосуна жакын жердеги капчыгайдан табылган сактардын илимий зор баалуулугу бар коло эстеликтеринин тобу илимге белгилүү болуп отурат.

Фрунзе шаарына жакын жердеги Сокулук суусунун көпүрөсүн куруп жатканда табылган коло доорунун кенчинин край таануунун республикалык музейге жеткирилишин тарыхый өткөндөгүлөргө туура мамиле кылуунун үлгүсү деп атоого болот.

Талас өрөөнүндөгү бир колхозчу XIV—XV кылымдардын 600дөн ашуун күмүш монетасын таап алып тапшырды.

Чүй районунун «Шамшы» совхозунун механизаторлорунун бир тобу Кыргыз ССР илимдер Академиясына өзүнүн илимий мааниси боюнча көрүнүктүү буюмдардын бир тобун тапшырышты жана алар биздин эранын биринчи кылымдарынын көрүстөндөрүн кокустан бузганда табылган негизинен ювелирдик өндүрүштүн буюмдары болуп чыкты.

Чүйдөгү № 2-мектеп-интернаттын тарбиялануучулары Кыргыз ССР нын мамлекеттик тарых музейине өздөрү табышкан X—XII кылымдарда жасалган алтын монеталарды (жүзгө жакын) тапшырышты.

Республикабыздын ар кайсы жерлеринде жер казуу иштерине жетекчилик кылып жатышкан инженерлерден, техниктерден жана мектептердин мугалимдеринен, мамлекеттик мекеме-

лердин кызматкерлеринен байыркынын эстеликтери жөнүндө бир катар баалуу кабарлар алынды. Тарых эстеликтерине аң-сезимдүүлүк менен мамиле кылуунун мисалдары өтө көп. Алар эстеликтерди коргоо ишинде биздин республикабыздын ар бир адамы чоң роль ойноп тургандыгынын шексиз далили болуп отурат.

Совет эли партиябыздын XXIII съездинин коммунисттик коомдун негиздеринин курулушу боюнча чечимдерин ийгиликтүү орундатып жатат. Бул бүткүл дүйнөлүк тарыхый милдеттин кучагына жалаң гана коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү иши кирбестен, ошону менен катар адамдарда коммунисттик аң-сезимди тарбиялоо, ошондой эле элдин духовный турмушунун өсүшүн камсыз кылуу милдети кирет. Мында өткөндөгү маданияттын бардык жетишкендиктерин пайдаланбай туруп, демек, анын эстеликтерин изилдебей, сактабай туруп милдетти ишке ашырууга болбойт. Ал эстеликтер биз азыр коргоп, кийин келечектеги муундарыбызга өткөрүп бере турган кенч болуп саналышат.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН БАЙЫРКЫ МАДАНИЙ ЭСТЕЛИКТЕРИ БОЮНЧА НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. В. В. Бартольд, Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью, собр. соч. т. IV, Москва — Ленинград, 1966.
2. А. Н. Бернштам, Археологический очерк Северной Киргизии, Фрунзе, 1941.
3. А. Н. Бернштам, Историко-культурное происхождение Северной Киргизии по материалам Большого Чуйского канала, Фрунзе, 1943.
4. Труды Семиреченской археологической экспедиции, «Чуйская долина», Москва — Ленинград, 1950. Материалы и исследования по археологии СССР № 14.

5. А. Н. Бернштам, Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памира-Алая, Москва — Ленинград, 1952. Материалы и исследования по археологии СССР № 26.
6. А. Н. Бернштам, Архитектурные памятники Киргизии, Москва, 1950.
7. М. Е. Массон и Г. А. Пугаченкова, Гумбез Манаса, Москва, 1950.
8. Труды Киргизской археолого-географической экспедиции, т. II, Москва, 1952. Том IV, Москва, 1960.
9. П. Н. Кожемяко, Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины, Фрунзе, 1959.
10. Ю. А. Заднепровский, Археологические памятники южных районов Ошской области, Фрунзе, 1960.
11. Л. П. Зяблин, Второй буддийский храм Ак-Бешимского городища, Фрунзе, 1962.
12. Ю. Д. Баруздин, Г. А. Брыкина, Археологические памятники Баткена и Ляйляка, Фрунзе, 1962.
13. Труды института истории Академии Наук Киргизской ССР, т. 1, Фрунзе, 1955, т. II, Фрунзе, 1956, т. III, Фрунзе, 1956, т. IV, 1958, т. V, Фрунзе, 1959.
14. Археологические памятники Таласской долины, Фрунзе, 1963.
15. Древняя и раннесредневековая культура Киргизстана, Фрунзе, 1967.
16. История Киргизской ССР, т. 1, Фрунзе, 1968.

# КЫРГЫЗ ССРынын
# НЕГИЗГИ
# АРХЕОЛОГИЯЛЫК
# ЭСТЕЛИКТЕРИНИН
# ТИЗМЕСИ

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жандарына таш сөлөкөтү коюлган Далпыраң көрүстөнү | VI—IX к. | — | Кичи-Кемин суусунун боюндагы Ильич атындагы совхозго жакын жерде. |
| 2. | Тар-Суу көрүстөнү | I—V к. | — | Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Тар-Суу суусунун боюнда. |
| 3. | Калмак-Ашуу көрүстөнү | I—V к. | — | Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Калмак-Ашуу суусунун боюнда. |
| 4. | Чоң-Кемин көрүстөнү | VI—IX к. | — | Чоң-Кемин суусунун батыш жагындагы Новороссийское селосунун батыш жагында. |
| 5. | Кашка-Жол көрүстөнү | коло доору | — | Кашка-Жол ашуусунун Чоң-Кемин өрөөнү тарабында. |
| 6. | Боролдой байыркы шаар урандысы | X—XII к. | — | Кичи-Кемин өрөөнүндөгү Боролдой кыштагынан түштүк-чыгыш тарапка карай 3 км. де. |
| 7. | Тар-Суу байыркы шаар урандысы | X—XII к. | — | Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Тар-Суу кыштагынын батыш тарабында. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 8. | Новороссийск байыркы шаар урандысы | X—XII к. | — | Чоң-Кемин өрөөнүндөгү Новороссийское селосунун батыш тарабында. |
| 9. | Ак-Бешим байыркы шаар урандысы | V—XII к. | — | Чүй районундагы Ак-Бешим кыштагынын батыш тарабында. |
| 10. | Ак-Бешимдеги байыркы кичине шаар урандысы | X—XII к. | — | Чүй районундагы Ак-Бешим кыштагынын батыш тарабында. |
| 11. | Байыркы Бурана шаар урандысы | IX—XIV к. | — | Чүй районундагы Дөң-Арык селосунун чыгыш тарабында. |
| 12. | Старо-Покровка 1 байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Чүй районундагы Старо-Покровка селосунун түштүк-батыш тарабында. |
| 13. | Старо-Покровка II байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Чүй районундагы Старо-Покровка селосунун батыш тарабында. |
| 14. | Шамшы 1 байыркы шаар урандысы | VIII—XII к. | — | Шамшы суусунун сол жээгинде. |
| 15. | Шамшы II байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | 1 байыркы шаардын урандысынын түштүгүнөн 500 метр аралыкта. |
| 16. | Шамшы III байыркы шаар урандысы | X—XII к. | — | Ошол эле жердеги экинчи байыркы шаардын урандысынын түштүгүрөөк тарабында. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 17. | Кегети байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Кегети суусунун башталыш оң жээгинде. |
| 18. | Краснореченка байыркы шаар урандысы | V—XII к. | Са-рыг | Чүй районундагы Красноречка селосунун чыгыш тарабында. |
| 19. | Ивановка байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Чүй районундагы Ивановка селосунун батыш тарабында |
| 20. | Красноречкадагы байыркы шаар урандысынын батыш жагындагы шаар урандысы | X—XII к. | | Чүй районундагы Красноречка селосунун түндүк-батыш тарабында. |
| 21. | Серафимовкадагы шаар урандысы | X—XII к. | | Нижняя Серафимовка селосунун түштүк тарабында. |
| 22. | Узун-Булак 1 көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын X к. | | Чүй районундагы Ысык-Ата суусунун оң жээгинде. |
| 23. | Узун-Булак II көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III кылым Биздин эранын X кылымы | — | Узун-Булак 1 көрүстөнүнүн түштүк тарабында. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 24. | Көрүстөн дөбөлөрүнүн тобу | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын VI к. | | Кант селосунун түштүгүндө. |
| 25. | Милянфан байыркы шаар урандысы | VI—XII к. X—XII к. | | Милянфан селосунун батыш-түштүгүндө. |
| 26. | Сан-Таш байыркы шаар урандысы | Биздин эрага чейинки III к. | | Ысык-Ата суусунун жээгиндеги капчыгайдын башталышында. |
| 27. | Арчалы көрүстөнү | Биздин эранын XIII к. | | Фрунзе шаарынан түштүктө Арчалы суусунун капчыгайында. |
| 28. | Чолок жал көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын XII к. | | Арчалы көрүстөнүнөн түштүктө 1 км де. |
| 29. | Пехошка көрүстөнү | Биздин эрага чейин III к. биздин эранын XIII к. | | Фрунзе шаарынын түштүгүнөн 2 км, Басбөлтөктүн түштүгүндө. |
| 30. | Жыланач көрүстөнү | Биздин эрага чейин II к. Биздин эранын XIV к. | | Жыланач суусунун сол жээгинде Чөмүч плотин. жакын. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 31. | Ключевка байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | жол | Фрунзе— Калинин жолунан 9 км де Ключевка селосунда. |
| 32. | Ново-Покровка байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | — | Фрунзе — Токмак жолунан 10 км де Ново-Покровка селосунун түндүк жак четинде. |
| 33. | Чөмүч 1 шаар байыркы урандысы | VI—XII к. | | Ленин селосунун чыгышында 2 км де. |
| 34. | Грозный байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Грозное селосунун түштүгүндө, 3-км де. |
| 35. | Луговой байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Луговое селосунан түндүктө. Чүй суусунун сол жээгинде. |
| 36. | Чөмүч II байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Чөмүч 1 шаар урандысынан 1,5 км де, чыгышта. |
| 37. | Ново-Покровка байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Ново-Покровка селосунда, Фрунзе—Токмок жолунун 11-км де. |
| 38. | Ново-Покровка III байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Ново-Покровка селосунун түштүк четинде, Ново-Покровка 1 шаар урандысынан 1 км де. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 39. | Ново-Покровка IV байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Ново-Покровка III шаар урандысынан 1 км түндүктө. |
| 40. | Төкөлдөш I байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Төкөлдөштөн түштүккө 1—1,5 км аралыкта. |
| 41. | Төкөлдөш II байыркы шаар урандысы | | | Төкөлдөш селосунан түштүк-чыгышка 3 км |
| 42. | Маевка байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Маевка селосунан түштүк-чыгышта 1 км де. |
| 43. | Аларча байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Аларча суусунун сол жээгинде Воронцовка селосунун түштүк батыш тарабында. |
| 44. | Эл жашаган жердин изи | Таш доору | | Чүй суусунун жээгинде, Ленин селосунун түндүгүндө. |
| 45. | Аламүдүн байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Аламүдүн суусунун куймасынын сол жээгинде. |
| 46. | Каражыгач байыркы шаар урандысы | X—XIV к. | | Фрунзе шаарынын батыш чыгышында Каражыгач поселогунун четинде. |
| 47. | Кузнечная крепость | VI—XIX к. | | Фрунзе шаарынын четинде, Правда, Мичуринск, көчөлөрүнүн кесилишинде. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 48. | Кызыл Аскер байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Фрунзе шаарынын четинде, Васильевск шоссесинде. |
| 49. | Сокулук 1 көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын III к. | | Сокулук суусунун сол жээгиндеги Белогорка селосунан 25 км. түндүктө. |
| 50. | Сокулук II көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын V к. | | Сокулук селосунан түштүктө 0,5 км. |
| 51. | Борулу көрүстөнү | VI—X к. | | Белогорка селосунан 1—2 км Чыгышта Борулу капчыгайында |
| 52. | Тегирмен-Сай көрүстөнү | XI—XIII к. | | Шопоков атындагы колхоздон түндүгүрөөктө, Жыламыш капчыгайынан чыга бериште. |
| 53. | Көрүстөн дөбөлөрүнүн тобу | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Сокулук селосунун түштүгүндө, Сокулук суусунун сол жээгинде. |
| 54. | Сокулук байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | | Сокулук селосунан түндүктө. |
| 55. | Александровка байыркы шаар урандысы | VI—VII к. | | Александровка селосунун түндүк батыш четинде. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 56. | Гавриловка байыркы шаар урандысы | VII—VIII к. | | Фрунзе—Калинин жолунан 24 км де. Гавриловка селосунда. |
| 57. | Сокулук байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Сокулук капчыгайынын башталышында Белогорка селосунан 2 км де. |
| 58. | Көрүстөн дөбөлөрүнүн тобу | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын V к. | | Петровка селосунун түштүгүндө. |
| 59. | Көрүстөн дөбөлөрүнүн тобу | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Ак-Суунун сол жээгинде. |
| 60. | Сретенск байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | Харран-Жуван | |
| 61. | Беловодск чеби | VI—XII к. | | Беловодск селосунун түндүгүндө. |
| 62. | Төлөк байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Ак-Суу менен Сокулук суусунун кошулушунда. |
| 63. | Полтавка байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Полтавка менен Петровка селосунун ортосунда. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 64. | Кызыл-Туу байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Беловодск менен Кызыл-Туу селолорунун ортосунда. |
| 65. | Беловодск II байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Беловодск селосунун түндүгүндө. Беловодск чебинен 2.км батышта. |
| 66. | Петровка байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Петровка селосунун түндүк чыгыш четинде. |
| 67. | Ак-Суу I байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Ак-Суу капчыгайынын башталышынын сол жээгинде. |
| 68. | Ак-Суу II байыркы шаар урандысы | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын V к. | | Калинин селосунун түштүк батышта Кара-Балта суусунун сол жээгинде. |
| 69. | Шиш-Төбө байыркы шаар урандысы | VI—XIV к. | Нузкет | Борбордук бөлүгү Калинин селосунун түндүгүндө. |
| 70. | Степной байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Ак-Суунун эки жээгинде. |
| 71. | Ново-Николаевка байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Ново-Николаевск. селосунда. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 72. | Комминтерн колхозундагы байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Шиш-Төбөнүн борбордук бөлүгүнөн түштүк батышта. |
| 73. | Петропавловка байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Петропавловканын түндүк четинде. |
| 74. | Кара-Балта байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Сосновка селосунда. |
| 75. | Орто - Кайырма көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын V к. | | Эркин-Сай селосунун түштүк чыгышында. |
| 76. | Көрүстөндөр тобу | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын V к. | | Панфилов селосунан түштүк батышта. |
| 77. | Ашпара байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | | Чалдыбар селосунан батышта, Ашпара суусунун эски нугунда. |
| 78. | Кайыңды байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | | Панфилов селосу менен Кайыңды Ашпара станциясынын аралыгында |
| 79. | Бурана мунарасы | XI | | Токмок шаарынын түштүк батышында. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Үч-Кошой байыркы шаар урандысы | X—XII к. | — | Үч-Кошой суусунун сол жээгинде. № 113 жылкы заводунун борбордук чарбагында. |
| 2. | Каракол байыркы шаар урандысы | X—XII к. | — | Каракол суусунун оң жээги, Үч-Кошой суусунун кошулушунан 3 км де. |
| 3. | Туз-Ашуу байыркы шаар урандысы | X—XII к. | — | Туз-Ашуу менен Үч-Кошой суусунун кошулушунда. |
| 4. | Калба байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Калба суусунун сол жээгинде. |
| 5. | Калба II байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Калба суусунун оң жээгинде, анын капчыгайынын башталышында. |
| 6. | Калба III байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Калба II шаар урандысынын каршысында |
| 7. | Манас байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Манас селосунун түштүк-чыгыш четинде. |
| 8. | Каскан дөбө байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Талас-Буденёвка жолунун 20-км де. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 9. | Беш-Таш I байыркы шаар урандысы | | | Беш-Таш суусунун сол жээгинде, капчыгайдын башталышында. |
| 10. | Беш-Таш II байыркы шаар урандысы | | | Беш-Таш суусунун сол жээгинде, агынынан жогору капчыгайдан 14-км де. |
| 11. | Беш-Таш II байыркы шаар урандысы | | | |
| 12. | Урмарал I байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Урмарал суусунун сол жээги, анын капчыгайынын башталышында. |
| 13. | Урмарал II байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | I байыркы урандысынан 0,3-км де. |
| 14. | Таш-Башат көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын V к. | | Талас Суусунун сол жээгинде Талас шаарынан 18 км чыгышта. |
| 15. | Таш-Арык көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын V к. | | Кең-кол суусунун сол жээгинде, Долоно селосунан батышта. |
| 16. | Чочой көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын II к. | | Кеңкол суусунун өзөнүндө Таш-арык көрөстөнүнөн 12 км батышта. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 17. | Кеңкол көрүстөнү | I—V к. | | Кеңкол суусунун сол жээгинде, Манас күмбөзүнө жакын жерде. |
| 18. | Терскол көрүстөнү | VI—X к. | | Кеңкол суусунун сол жээгинде, Манастын күмбөзүнөн 7 км. |
| 19. | Желе-Дөбө көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын II к. | | Талас суусунун сол жээгинде Талас шаарынан 14 км чыгышта. |
| 20. | Бөр тартар көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын II к. | | Талас суусунун сол жээгинин адырында, Талас шаарынан 12 км чыгышта. |
| 21. | Кызыл-Сай көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Кызыл-Сай капчыгайында, Талас шаарынан түндүктө 15 км. |
| 22. | Кеңкол 1 байыркы шаар урандысы | | | Котур-Сай капчыгайыанын Терскол суусуна куйган сол жээгинде. |
| 23. | Кеңкол II байыркы шаар урандысы | | | Кеңкол 1 шаар урандысынан 0,5 км. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 24. | Кулан-Сай көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Кулан-Сай капчыгайынын башталышында Ивановка-Алексеевка селосунун түндүк — чыгышта |
| 25. | Котур-Сай көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. биздин эранын II к. | | Котур-Сай капчыгайынын башталышында, Ивановка - Алексеевка селосунан 2 км түштүктө |
| 26. | Ак-Төбө байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | Текабкет. | Талас суусунун сол жээгинде, Талас шаарынын маңдай жагында. |
| 27. | Кулан-Корук байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Ак-Төбө байыркы шаар урандысынан 2 км түндүктө |
| 28. | Кырк-Казык байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Кырк-Казык селосунун түндүк жак четинде. |
| 29. | Кырк-Казык II байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Кырк-Казык селосунун түштүк-чыгыш четинде. |
| 30. | Талас I байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Талас шаарынын батыш жак четинде. Талас суусунун жээгинен 0,5 км. |
| 31. | Талас II байыркы шаар урандысы | | | Талас I байыркы шаар урандысынан 1 км. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 32. | Талас III байыркы шаар урандысы | | | Талас шаарынын түштүк четинде. |
| 33. | Талас IV байыркы шаар урандысы | | | Талас III байыркы шаар урандысынан 0,3 км. |
| 34. | Когандорф байыркы шаар урандысы | | | Талас-Ленинполь жолунун 8-кмде, жолдон 400 м түндүктө. |
| 35. | Кең-Арал I байыркы шаар урандысы | | | Кең-Арал селосунун түндүк четинде. |
| 36. | Кең-Арал II байыркы шаар урандысы | | | Кең-Арал I байыркы шаар урандысынан 6 км, кирпич заводуна жакын жерде. |
| 37. | Четинди көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын II к. | | Ленинполь селосунан түштүк-батышта 1,4 км де. |
| 38. | Орловка байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Орловка селосунун түштүк чыгыш четинде. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 39. | Беш каракчы көрүстөнү | VI—XII к. | | Беш-Каракчы капчыгайында. |
| 40. | Маданият байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | | Талас-Ленинполь жолунун 21-км де. Маданият селосунун чыгыш четинде. |
| 41. | Чалдовар байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | | Ленинполь жана Водное селолорунун ортосунда. |
| 42. | Водное байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Водное селосунун түштүк-батыш четинде. |
| 43. | Шекер байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Шекер селосунун түштүгүндө |
| 44. | Грозное байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Грозное селосунан батышта. Күркүрөө суусунун сол жээгинде. |
| 45. | Садыр-Коргон байыркы шаар урандысы | VI—XIV к. | | Талас суусунун сол жээгинде, Киров селосунун батыш жагында |
| 46. | Күмүштак байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Бейшеке суусунун сол жээгинде Бейшеке селосунун түштүгүндө |
| 47. | Чым-Кент байыркы шаар урандысы | VIII—X к. | | Кара-Суу суусунун сол жээгинде. Чимкент селосунан түндүк чыгышында. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 48. | Жоон-Төбө байыркы шаар урандысы | VI—XII к. | | Богословка селосунан түндүктө, 2-км де. |
| 49. | Богословка байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Богословка селосунун түштүк четинде. |
| 50. | Май-Төбө байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Богословка селосунан 1,5—2 км, түштүктө. |
| 51. | Май-Төбө II байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | I шаар урандысынан 1 км түштүктө. |
| 52. | Май-Төбө III байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | II шаар урандысынан 0,5 км түндүк-батышта. |
| 53. | Чоң-Капка байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Талас суусунун оң жээгинде, Чоң-Капка капчыгайынын түндүгүндө |
| 54. | Чет-Дөбө көрүстөнү | I—V к. | | Кайыңды суусунун сол жээгиндеги Чет-Дөбө деген жерде, Кайыңды селосунан 20 км. чыгышта. |
| 55. | Таш-Төбө көрүстөнү | Биздин эрага чейинки II к. | | Нельди совхозунун борбордук, чарбагында |
| 56. | Нельди байыркы шаар урандысы | XI—XII к. | | Нельди суусунун оң жээгинде, анын башталышынын 1,5—2 км де |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 57. | Кайыңды байыркы шаар урандысы | VIII—X к. | | Чеч-Төбө селосунан чыгышта, Кайыңды суусунун сол жээгинде Покровка селосунун батышында |
| 58. | Покровка байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Кара-Суу суусунун оң жээгинде |
| 59. | Манастын күмбөзү | XIV к. | | Кеңкол суусунан Таласка чыга беришинде Талас шаарынан 11 км чыгышта. |

## КАРА-КУЖУР ӨЗӨНҮНҮН БАССЕЙНИ ЖАНА ТОҢДУН СЫРТТАРЫ

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Орто-Токой көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Орто-Токой суу сактагычынын райондорунун, Фрунзе-Нарын жолунун эки тарабында. |
| 2. | Биржылга көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын IX к. | | Кара-Кужур өзөнүнүн жогорку агымынын оң жээги, Чүй өзөнүнүн сол куймасында. |
| 3. | Туура-Суу көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын IX к. | | Туура-Суу селосунун жанында, Кара-Кужур өзөнүнүн сол жээгинде. |
| 4. | Кара-Саз көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Тоң районунун сыртында. |
| 5. | Кызыл-Омпол көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Тоң районунун сыртында |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| | | Биздин эрага чейинки III к. | | Түлөк өзөнүнүн эки жээгинде. |
| 6. | Муз-Төр көрүстөнү | Биздин эранын V к. | | |
| | | Биздин эрага чейинки III к. | | Түлөк өзөнүнүн эки жээгинде. |
| 7. | Кең-Суу көрүстөнү | Биздин эранын V к. | | |
| | | Биздин эрага чейинки III к. | | Түлөк өзөнүнүн эки жээгинде. |
| 8. | Кытай-Жол көрүстөнү | Биздин эранын V к. | | |
| 9. | Ак-Чуңкур үңкүрү | Таш доору | | Сары-Жаз өрөөнүндө. |

## СОҢ-КӨЛ КӨЛҮ

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ак-Таш көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Соң-Көлдүн чыгыш жээгинде. |
| 2. | Чоң-Төбө көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Соң-Көлдүн чыгыш жээгинде. |

## НАРЫН ДАРЫЯСЫНЫН БАССЕЙНИ

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Акчий көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын IX к. | | Жалгыз-Терек селосунун түштүгүндө, Нарындын оң жээгинде. |
| 2. | Байталчы көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын IX к. | | Жалгыз-Теректин башында 3-км де, Байталчы деген жерде. |
| 3. | Ала-Мышык көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын X к. | | Нарын шаарынан 3 км суунун төмөнкү агымында, дарыянын сол жээгинде. |
| 4. | Чоң-Калта көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын X к. | | Ала-Мышык көрүстөнүнөн 1,5 км төмөн. |
| 5. | Кара-Секи көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Дөрбөлжүн селосунан 7—8 км Терек өзөнүнүн сол жээгинде, Кара-Секи деген жерде. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 6. | Айгырчал көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын IX к. | | Нарындын сол жээгинде, Нарын шаарынан 7 км батышта. |
| 7. | Байгөнчөк көрүстөнү | I—V к. | | Теректин сол жээгинде, Байгөнчөк селосунан түштүктө. |
| 8. | Чегиртке арык көрүстөнү | I—V к. | | Чегиртке арык деген жерде. Акчий селосунан батышта. |
| 9. | Чоң-Ноо көрүстөнү | I—V к. | | Жалгыз-Терек селосунан түндүгүрөөк жагында Нарындын оң жээгинде. |
| 10. | Дүрбөлжүн көрүстөнү | I—V к. | | Дүрбөлжүн селосунун түндүк четинде. |
| 11. | Алыш көрүстөнү | I—V к. | | Алыш селосунун батыш четинде, Нарындын сол жээгинде. |
| 12. | Дөбөлү көрүстөнү | I—V к. | | Дөбөлү селосунан чыгыш четинде. Нарындын сол жээгинде. |
| 13. | Калмак-Дөбө көрүстөнү | I—V к. | | Ат-Башы селосунан батышта. Ат-Башы өзөнүнүн оң жээгинде. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 14. | Бурмачач көрүстөнү | Коло доору | | Арпа суусунун капчыгайында, Жаман-даван ашуусунан чыгыш жакта. |
| 15. | Соң-Көл көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын IX к. | | Соң-Көл суусунун оң жээгинде, анын Соң-Көлгө куя турган 10-кмде. |
| 16. | Жергетал көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын IX к. | | Жергетал селосунун айланасында. |
| 17. | Тоорункай көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Жалгыз-Терек селосунан чыгышыраак, Нарындын оң жээгинде. |
| 18. | Өзгөрүш көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын II к. | | Өзгөрүш селосундагы Байкоңурдун оң жээгинде. |
| 19. | Лайлы-Суу көрүстөнү | Биздин эрага чейинки II к. Биздин эранын III к. | | Ылайлуу-Суу селосунда, Нарындын оң жээгинде |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
| --- | --- | --- | --- | --- |
| 20. | Көк-Секи көрүстөнү | Биздин эрага чейинки II к. Биздин эранын III к. | | Ак-Кудук селосунан батышта, Нарындын оң жээгинде. |
| 21. | Кадыралы көрүстөнү | Биздин эрага чейинки II к. Биздин эранын III к. | | Ак-Кудук селосунан түштүк-батышта, Нарындын оң жээгинде. |
| 22. | Келме көрүстөнү | Биздин эрага чейинки II к. Биздин эранын III к. | | Келме селосунун чет жакасында, Нарындын оң жээгинде. |
| 23. | Терек-Суу көрүстөнү | Биздин эрага чейинки II к. Биздин эранын III к. | | Терек-Суу менен Баш-Кайыңды селосунда аралыгында, Ат-Башынын сол жээгинде. |
| 24. | Кошой - Коргон байыркы шаар урандысы | X—XIV к. | | Кара-Коюн өзөнүндө, Ат-Башы селосунан батышта 12 км де. |
| 25. | Шырдакбек байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Ала-Буканын оң жээгинде. Коңорчок селосуна жакын жерде. |
| 26. | Чалдыбар байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Чалдыбардын оң жээгинде, Ала-Букага куйган жерине жакын. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык. | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 27. | Ылайлуу-Суу байыркы шаар урандысы | X—XII к. | | Нарындын оң жээгинде, Өзгөрүш селосунун түштүк жак четинде. |
| 28. | Үңкүрлөр | Таш доору | | Ала-Мышык капчыгайында, Нарын шаарынан 9 км чыгышта. |
| 29. | Таш-Рабат кервен сарайы | XV—XVI к. | | Ат-Башы капчыгайынын кырка тоосунда, Фрунзе — Торугарт жолунун 18 км түштүктө, Ат-Башы селосунан 80 км. |

## КОЧКОР ӨРӨӨНҮ

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ара-Көл көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын X к. | | Чолпон селосуна жакын, Ара-Көл деген жерде. |
| 2. | Кочкор байыркы шаар урандысы | IX—XII к. | | Кырк-Чоро деген жерде. |
| 3. | Кең-Сай көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Жоон-Арык суусунун эки жээгинде, анын Кочкор өрөөнүнө кире беришинде. |
| 4. | Кара-Булуң көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Шамшы суусунун жээгиндеги Шамшы селосунда. |
| 5. | Кум-Дөбө көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Кочкор-Ата капчыгайында |
| 6. | Ичке-Жылга көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Кум-Дөбө көрүстөнүнөн батышта. |

| №№ | Эстеликтин аты | Кайсы мезгилге таандык | Тарыхый аты | Турган орду |
|---|---|---|---|---|
| 7. | Кең-Сай көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Жоон-Арык өзөнүнүн Кочкорго чыккан жеринде. |
| 8. | Кызарт көрүстөнү | Биздин эрага чейинки III к. Биздин эранын V к. | | Кочкордон Жумгалга бараткан жолдун ашуусунда. |

**СУУСАМЫР ӨРӨӨНҮ**

